# Кара-Көл шаарындагы балдардын жана жаштардын абалы










**Кара-Көл 2023**

# Мазмуну

**Кириш сөз**......2

**1- бөлүм. Жалпы маалыматтар** ......3

**2- бөлүм. Балдардын жана жаштардын абалынын сүрөттөлүшү** ......6

**2.1. Социалдык, укуктук коргоо жана теңдик.** ......9

**Социалдык коргоо**......9

**Укуктук коргоо жана теңдик** ......17

**2.2. Балдардын ден-соолугун, балдар менен жаштардын сергек жашоо образын коргоо**......24

**Балдардын ден-соолугунун абалы**......24

**Тамеки тартуунун жана алкоголду керектөөнүн кесепеттери жөнүндө маалымдоо жана алдын алуу боюнча иш-чара** ......25

**ВИЧ/СПИД илдетине каршы иш-чара**......27

**2.3 . Балдардын коопсуздугу.** ......28

**Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук.** ......28

**Жашы жете электерге каршы кылмыштар**......35

**Ала качуу жана эрте куракта баш кошуу** ......35

**Балдар менен жаштар үчүн коопсуз шаар**......35

**2.4. Билим берүү жана өнүгүү**......37

**Мектепке чейинки тарбия жана окуу**......37

**Орто билим берүү** ......39

**Балдардын жана жаштардын өнүгүүсү**......41

**Балдарды жана өспүрүмдөрдү коомдук иштерге тартуу** ......48

**2.5. Чечим кабыл алууга балдардын катышуусу** ......58

**Муниципалитеттин аймагында формалдуу жана бейформал жаштардын уюмдары** ......58

**Балдарды жана жаштарды чечим кабыл алуу процессине тартуу боюнча ЖӨБОнын чаралары**..59

**Жаштардын сунуштарын аткаруу боюнча ЖӨБОныниш-чаралар планы тууралуу маалымат**....60

**Ийгиликтүү окуя – “Кайыңды” балдар эс алуу борборунун үзгүлтүксүз балдарды жайкы мезгилде кабыл алышы .**......61

**Тыянактар** ......63

# Кириш сөз

“Балдардын жана жаштардын абалы жөнүндө” Доклад (мындан ары – Доклад) Кара-Көл шаарынын аймагындагы балдарга жана жаштарга байланышкан иштердин абалы жөнүндөгү жүргүзүлгөн анализди баяндайт.

**Докладдын максаты** – жергиликтүү деңгээлде балдардын жана жаштардын муктаждыктарын эске алуу менен аларга кызмат көрсөтүүлөрдүн багытын аныктап чечимдерди кабыл алуу үчүн аныкталган көйгөйлөрдүн негизинде шаардагы балдардын жана жаштардын абалына ар тараптан баа берүү.

Докладды иштеп чыгууда балдардын укугун коргоо жаатында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу төмөнкү негизги документтер жетекчиликке алынды: “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, “Балдардын укугу жөнүндө” БУУнун Конвенциясы, Кыргыз Республикасынын “Балдар жөнүндө” Кодекси, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодекси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2028-жылдары Үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо Программасы жана башка ченемдик укуктук актылар.

Кара-Көл шаарынын мэриясы балдарга жана жаштарга достук мамиле түзүү саясатын чагылдырган төмөнкү документтерди кабыл алган:

- Депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 30.03.2022-жылы №52/10-8 токтому менен бекитилген “2022-2026-жылдарга Кара-Көл шаарын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасы”.
- Мэриянын “Балдар жана жаштар менен иш алып баруу пландары”.
- “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча 2023-2024 жж. стратегиялык планы” Кара-Көл шаарынын мэринин 30.12.2022ж №612-буйругу менен бекитилген
- “Кара-Көл шаардык Жаштар кеңешинин жобосун бекитүү жөнүндө” депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 05.03.2019-жылы кабыл алган №142/26-7 токтому

Доклад, мэрия тарабынанжаштар иштери дене тарбия жана спорт бөлүмү, шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык эмгек социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы, шаардык ички иштер бөлүмү, шаардык жалпы дарыгерлер практикалоо борбору ж.б мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жыйналган статистикалык маалыматтарга негизделет. Докладда негизги демографиялык мүнөздөмөлөр, мамлекеттик колдоо жана социалдык жардамдардын түрлөрү, балдардын абалы, билим берүү, балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелери, жетим балдардын жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын абалы, кылмыштуулуктун, укук бузуулардын жана кароосуз калган жашы жете электердин абалы жана терс көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча көрүлгөн чаралар чагылдырылган.

# 1- бөлүм. Жалпы маалыматтар

Жалал-Абад областына караштуу Кара-Көл шаары Кыргызстандын түштүгүндө, деңиз деңгээлинен 940 метр бийиктикте жайгашкан. Өлкөнүн борбору Бишкек шаарынан 400 км, областтын борбору Жалал-Абад шаарынан 200 км алыстыкта орун алып, Токтогул өрөөнүнүн бийик тоолору менен курчалып турат. Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүн бириктирген Бишкек-Ош автомагистралы Кара-Көл шаары аркылуу өтөт. Шаардын эл аралык базарларга чыгуу жолдору башка региондор аркылуу ишке ашырылат. Кытай мамлекетинин жакынкы чек арасына чейинки аралык (Торугарт) автомобиль жолу аркылуу 800км ди, ал эми Ош эл аралык аэропортуна чейинки аралык 320 км ди түзөт. Жакынкы темир жол станциясы жайгашкан Таш-Көмүр шаарына чейинки аралык – 78 км. Шаар 1962-жылы 16-июнда Орто Азиядагы эң ири гидротүйүн – Токтогул ГЭСинин гидрокуруучуларынын шаарчасы катары түзүлгөн. Шаардын административдик аймагы түндүк жана чыгыш жактарынан Токтогул району, түштүк жагынан Ноокен району, батыш жагынан Аксы району менен чектешет.

Кара-Суу дарыясынын Нарын дарыясына куйган куймасына жакын жайгашкан Кара-Көл шаарында Пионер, Комсомол жана Карьер деп аталган үч жасалма көл жаратылган.

Аймактын климаты мээлүүн континенталдуу, жайкысын ысык, абанын орточо температурасы +25ºС болсо, кышкысын суук -20ºС чейин жетет. Орточо жылдык температура 12ºСны түзөт.





*сүрөт. 1. Кара-Көл шаарынын иллюстрациясы*

2023-жылдын 1-июлуна карата шаар калкынын жалпы саны 27460 адам, анын ичинен эркектер 13409 же 48,8% ал эми аялдар 14051 же 51,2%ын түзүшөт. Калктын 96,3% кыргыз улутундагылар, 2,1% орус улутундагылар, өзбек улутундагылар 0,52%, ал эми калганын 17 этностун өкүлдөрү түзөт. Жаш курагы менен алганда 18 жаш жана андан жогоркулар 15909 адам, ал эми 58 жаш жана андан жогорку куррактагы аялдар 1715 адам, эркектер 1294, алардын ичинде 63 жаш жана андан жогорку курактагы эркектер 803 адам.

Таблица 1.

**Кара-Көл шаарынын калкынын саны**

| Жылдары | Калктын саны | Эркектер | Аялдар | Балдар | Эркек балдар | Кыздар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019 | 25890 | 12882 | 13008 | 9898 | 5020 | 4878 |
| 2020 | 26386 | 13126 | 13260 | 10062 | 5122 | 4940 |
| 2021 | 26901 | 13350 | 13551 | 10225 | 5207 | 5018 |
| 2022 | 27202 | 13489 | 13713 | 11250 | 5219 | 6332 |
| 2023 | 27460 | 13409 | 14051 | 11551 | 5823 | 5728 |




Кара-Көл шаарынын калкынын 57 %ын 28 жашка чейинки балдар жана жаштар түзөт.Шаардагы эмгекке жарамдуу калктын негизги бөлүгү ТГЭС каскады мекемесинде, Камбар-Ата ГЭС мекемесинде жана мамлекеттик органдарда жана саламаттыкты сактоо мекемелеринде, билим берүү мекемелеринде иштешет. Расмий жумушсуздардын саны 155 адам, алардын ичинен аялдар 88 адам. Шаар калкынын экономикалык активдүү бөлүгү 4194 адам. Шаар боюнча орточо айлык акы 37500 сомду түзөт. Кыргызстандын экономикасынын негизи болуп энергетика тармагы эсептелет. Кыргызстандагы өндүрүлгөн электроэнергиянын 80%дан ашык көлөмүн Кара-Көл шаарында жайгашкан Токтогул ГЭСи, Т.Усубалиев атындагы Курп-Сай ГЭСи жана Камбар-Ата ГЭСинде эмгектенишкен энергетиктер өндүрүшөт. Андыктан “Кара-Көл – энергетиктердин шаары” деп сыймыктанып айтабыз.

Кара-Көл шаары областтык маанидеги шаар. Кара-Көл шаардык муниципалитеттин жалпы аянты 42757,9 гектарды түзөт, анын ичинен калктуу конуштар: Кара-Көл шаары 1658,9 гектар, Кетмен-Төбө айылы 720 гектар,Жазы-Кечүү айылы 40379 гектар аянтты ээлейт. Кара-Көл шаарындагы жергиликтүү бийлик – Кара-Көл шаарынын мэриясынан жана Кара-Көл шаардык депутаттар кеңешинен турат. Кара-Көл шаардык депутаттар кеңешинин 8-чакырылышындагы 31 депутат төмөнкү партиялык фракциялардан куралган:

Таблица 2.

| Партия | Замандаш | Энергетик | Ата-Журт – Кыргызстан | Ыйман нуру | Бирге | Мекен Ынтымагы | Ынтымак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| депутат | 7 | 5 | 5 | 4 | 4 | 3 | 3 |

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы – Кара-Көл шаарынын мэриясынын аппараты 16 муниципалдык кызматкерден жана 7 техникалык жана кенже кызмат көрсөтүүчү персоналдан турат. Кара-Көл шаардык мэриясына Жазы-Кечүү айыл аймактык жана Кетмен-Төбө айыл аймактык башкармалыктары карайт.

Таблица 3.

**Кара-Көл шаарынын жергиликтүү бюджетинин көлөмү**

| № | жылдар | ЖӨБОнын бюджети(миң сом) | А.и. балдарга жана жаштарга багытталган жумуштарга сарпталганы | Бюджеттин 1 адам башына туура келген көлөмү(миң сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2022 | 114467,2 | 17 556,5 | 4,2 |
| 2 | 2023 | 138675,8 | 28656,5 | 4,32 |

Кара-Көл шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 1-августундагы № 428-буйругу менен түзүлгөн “Кара-Көл шаарынын 2022-2026-жылдарга Кара-Көл шаарын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынынын аткарылышына мониторинг жасоо жана баалоо” боюнча жумушчу тобунун жасаган жыйынтыгы боюнча социалдык – экономикалык өнүгүү программасына кирген балдарга жана жаштарга байланышы бар милдеттерди аткарууга 2022-жылдын августунан 2023-жылдын августуна чейин жалпы суммасы 89628,5 миң сом өлчөмүндө каражат жумшалган. Алардын ичинде жергиликтүү бюджеттин эсебинен 28656,5 миң сом, республикалык бюджеттен 29300,0 миң сом, демөөрчүлөрдүн эсебинен 3590,0 миң сом, жеке ишкерлердин эсебинен 7040,0 миң сом жана грант түрүндө 26900,0миңсом, Жалал-Абад өнүктүрүү фондунан 5389,0 миң сом каржыланган. Алар, социалдык коргоо, балдардын коопсуздугу, билим берүү, балдардын жана жаштардын эс алуусуна шарттарды түзүү максатын ишке ашырууга багытталган. Мындан тышкары, жаштар иштери дене тарбия жана спорт бөлүмү аркылуу спорттук иш чараларга 1745,0 миң сом бөлүнгөн, анын ичинен жаштар кеңеши демилгелеген иш-чараларга 220,0 миң сом каржыланган. Ошондой эле шаардык билим берүү бөлүмүнө жалпы 2809,1 миң сом төмөнкү максаттарда: балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебиндеги балдарды спорттун түрлөрү боюнча башка аймактарга мелдештерге алып баруу үчүн сапар чыгымдарына 600,0 миң сом, балдар чыгармачылык үйүнө сапар чыгым 174,0 миң сом, башталгыч класстардын окуучулары үчүн ашканага стол, стул сатып алууга 700,0миң сом, балдар бакчасындагы балдарга тамак-аш сатып алууга 1355,1 миң сом каржыланган. Жалпылап эсептегенде 31465,6 миң сом балдардын жана жаштардын абалын жакшыртууга байланышкан иш-чараларды аткарууга кеткен. Бул сумма жергиликтүү бюджеттин 22,7 % ын түзөт.

# 2- бөлүм. Балдардын жана жаштардын абалынын сүрөттөлүшү

2023-жылдын 1-июлуна карата шаар калкынын жалпы саны 27460 адам, анын ичинен эркектер 13409 же 48,8% ал эми аялдар 14051 же 51,2%ын түзүшөт. Калктын 96,3% кыргыз улутундагылар, 2,1% орус улутундагылар, өзбек улутундагылар 0,52%, ал эми калганын 17 этностун өкүлдөрү түзөт.Жаш курагы боюнча алганда жалпы калктын 11551 адамын, же болбосо 42%ын 18 жашка чейинки балдар, анын ичинде 14 жашка чейинкилер 9495 бала же калктын 34,5%ын түзөт

Таблица 4.


**14-жашка чейинки балдардын саны жаш курагы менен**

| № | жыл | 1 жашка чейин | анын ичинде | | 1жаштан 7жашка чейин | анын ичинде | | 7жаштан 13 жашка чейин | анын ичинде | | бардыгы | анын ичинде | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | бала | кыз | | бала | кыз | | бала | кыз | | бала | кыз |
| 1 | 2023 | **483** | 247 | 236 | **4135** | 2088 | 2047 | **4877** | 2484 | 2393 | **9495** | 4819 | 4676 |

Таблица 5.

**14 жаштан 28-жашка чейинки жаштардын саны жаш курагы менен**

| № | жыл | 14жаштан 18 жашка чейин | анын ичинде | | 18ден 24 жашка чейин | анын ичинде | | 24 жаштан 28 жашка чейин | анын ичинде | | бардыгы | анын ичинде | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | бала | кыз | | бала | кыз | | бала | кыз | | бала | кыз |
| 1 | 2023 | **2056** | 1004 | 1052 | **2248** | 1061 | 1187 | **1801** | 852 | 949 | **6105** | **2917** | **3188** |




*Сүрөт 2. Балдардын жана жаштардын чоңдорго карата үлүшү, 2023-ж*

Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн карамагында 6 орто мектепте 2022-2023-окуу жылында 197 класс- комплектиде 5574 окуучу билим алышты. Алардын ичинде башталгыч билим берүү баскычында 88 класс комплектисинде 2572, негизги билим берүүчү баскычында 89 класс комплектисинде 2509, орто билим берүүчү баскычында 20 класс комплектисинде 493 окуучу камтылган.

Балдар чыгармачылык үйүндө 2022/2023-окуу жылынын сентябрь айынан баштап, 22 ийрим бекитилип толугу менен иштеди. Жалпы ийримге катышкан окуучулардын саны 964 окуучуну түзөт. Алардын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгүгү чектелгендер 23 бала, алар “Тамчы” ийриминде 10 бала жана “Күн балдары” ийриминде 13 бала. Ийримдер эки сменада, орус жана кыргыз тилинде өтөт.

Ал эми балдар, өспүрүмдөр спорт мектебинде спорттун 6 түрү боюнча 18 секция иштейт, ага 420 бала катышат. Шаардык спорткомплексте футбол, эркин күрөш, алыш күрөш, тогуз коргоол, бокс, волейбол, түрлөрү боюнча машыкканга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Кара-Көл шаардык “Энергетик” маданият үйү 1972-жылы курулуп, 1977-жылы ишке киргизилген. Жалпы аянты-2705,66м2. “Энергетик”маданият үйүнүн алдында түзүлгөн 5 ийрим бар, алар:

1. “Жаш кыял”бий тобу
2. “Актердук чеберчилик” ийрими.
3. “Аксаамай”шайыр апалар фольклору
4. “Актилек”шайыр апалар фольклору
5. “Девчата” фольклордук тобу

“Жаш кыял” бий тобунда 200 бала жана “Актердук чеберчилик”ийриминде 15 бала - жаштар катышат.




*Сүрөт 3. Энергетик маданият үйү, Жаш кыял бий тобунун 1 тайпасы*

Балдар искусство мектеби “Келечек” бала бакчасынын бир канатында жайгашкан. Кара-Көл шаарында1962-жылдын16-июнунда ГЭСтин куруучуларынын поселогу болуп уюшулган болсо, кийинки жылы 1963-жылы 15-августта Балдар музыкалык мектеби ачылган. Кара-Көл шаардык “Балдар музыкалык мектеби «Кыргыз Республикасынын Министрлер кенешинин 1956-

жылдын 12-мартында “Балдар музыкалык мектеби”жөнүндөгү №83 токтомунун негизинде,1963-жылдын15-августунда Таш-Көмүр шаардык эмгекчилеринин депутаттар кеңешинин чечими менен ачылган. Мектептин биринчи директору болуп Морозов Петр Иванович иштеген. Ал кесиби боюнча орто билимдүү жана баян классынын мугалими болгон. Мектеп боюнча 3(үч) бөлүм болгон:баян, аккордеон, фортепиано класстары. Окуучулардын саны 1970-жылы 200 окуучу жана 25 мугалим болгон.

Кыргыз элинен чыккан акын, комузчу Коргол Досуевдун окуучусу Ө.Р.Рысбеков 1970-жылы музыкалык мектепте директор кызматына келген жана биринчилерден комуз классын ачып, комуз мугалими болуп иштеп баштаган. Музыка мектебинин мугалими Т.Т.Макешова жетектеген “Келечек”комузчулар ансамбли 2016-жылы II ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР оюнунда бир убакта күү чертип Гиннес китебине киргизилген 1000 комузчунун арасында катышып келген. Балдар музыка мектеби Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты Министрлигинин 2021-жылдын 23-июндагы №246-буйругу менен Балдар искусство мектеби болуп өзгөрүлдү. Азыркы тапта 3 (үч) бөлүм иштейт, анда 100 окуучу билим алышат. Алар, комуз, фортепиано жана көркөм сүрөт багытында окушат, 8(сегиз) мугалим эмгектенет, а.и. 5 мугалим жогорку билимдүү, 3мугалим атайын орто билимдүү.Жалпы кызматкерлердин саны14.



*Сүрөт4.Комузчулар ансамбли*

Жеке ишкердин эсебинен балдардын жана жаштардын өнүгүүсүнө ылайыкташкан англис тилин окууга “Лингва Плюс” окуу борбору 5 жылдан бери иштейт, анда 9 мугалим иштеп 200 балага тил үйрөтөт.


Шаардагы 9-класстын бүтүрүүчүлөрү жана жакын аймактардагы жайгашкан райондордон келип окуган 15-18 жаштагы 113 окуучу №89 кесиптик лицейде төмөнкү кесиптерге үйрөнүшөт, алар: Газ жана электр менен ширетүүчү, Ашпозчу, Жеке компьютерде оператор, Тигүүчү жана чачтарач. Окуу жайы 4 кабаттуу имаратта жайгашкан. Окуу бөлмөлөрү заманбап жабдылган, окуу китептери менен жетиштүү камсыз болгон. Кесиптик лицейде 80 орундук жатакана жана 30 орундук ашканасы бар.



Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көл шаардык колледжинде 400 (анын ичинде 55 **студент сырттан окуйт) студент төмөнкү** адистиктер боюнча билим алышат, алар: Электро жабдуу тармактары, Электро чордондору, Гидротехникалык курулуш, Транспорттоташууну уюштуруу жана башкаруу, Экономика жана бухгалтердик эсеп жана башталгыч класстын мугалими, маалыматты иштетүүнүн автоматташтырылган системалары жана башкаруу. Окуу жай 4 кабаттуу имаратта жайгашкан, кабинеттер заманбап жабдылган, окуу китептери менен жетиштүү камсыз болгон, 50 орундук жатакана жана 40 орундуу ашканасы бар.



Ал эми И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин Кара-Көл шаарындагы филиалында “Электроэнергетика жана Электротехника ” багыты боюнча күндүзгү жана сырттан окуу формасында адистерди даярдайт жана Техникалык Колледжинде 41 студент, электр жабдуулары жана чордондору адистиги боюнча окушат. Окуу жайлардын шарттары, инфраструктуралары жакшы, үч кабаттуу имаратта жайгашкан. Окуу кабинеттери заманбап жабдылган.



Энергетик тармагындагы адистикке ээ болгон жаштар Токтогул ГЭС, Камбарата ГЭС, Курпсай ГЭСтерине иштеп, башка аймактардан келип Кара-Көл шаарында жашап калышат.

## 2.1. Социалдык, укуктук коргоо жана теңдик.

### Социалдык коргоо

Кара-Көл шаарында 2023-жылдын 1-июлуна карата калктын саны 27460 адам же 6381 кожолук, 01.07.2023-жыл 741 үй бүлө жакыр болуп жакырчылыктын деңгээли 11,6% түздү, 01.07.2022-жылы

726 үй-бүлө жакыр болуп, жакырчылык 11,7 % ды түзгөн, жакырчылык деңгээли былтыркы жылдын ушул мезгилине 0,1% азайган.Ал эми жөлөк пул алган үй-бүлөлөр 40 үй-бүлөгө азайган.

Таблица 6

| жылдар | Калктын саны | Кожолук саны | Жөлөкпул алган үй бүлө саны | Үй-бүлөдө балдардын саны | Жакырчылык % |
|---|---|---|---|---|---|
| 2022 | 26901 | 6319 | 185 | 548 | 11,7 |
| 2023 | 27460 | 6381 | 125 | 377 | 11,6 |
| айырма | +559 | +62 | -60 | -171 | -0,1 |

Шаар боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар (ДМЧА) 1134 адам, а.и Соцфонддо катталгандар 638 ДМЧА, шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталгандар (ШЭСКМБ) 496,а.и 18жашка чейинкилер 178 бала, 18жаштан 28 жашка чейинкилери 89. Алардын ичинен персоналдык ассистент 48 балага жана 28 жашка чейинки 16 адамга дайындалган

“Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун ШЭСКМБда 16 жашка чейинки балдары бар муктаж болгон 125 аз камсыз үй-бүлө алышат, анда 377 бала бар. Турмуш шарты оор абалга кабылган үй бүлөлөргө жана башка социалдык жактан аярлуу болгон балдардын топторуна жардам көрсөтүү жана социалдык кызматтардын ишин күчөтүү, ошондой эле жеңилдиктерди жана жөлөк пулдарды өз учурунда берүү боюнча иш-чаралар өз убагында көрүлөт.

Мэриянын алдындагы социалдык комиссиянын сунушунун негизинде 2022-жылдын августунан 2023-жылдын августуна чейин муктаж жарандарга жеңилдиктер беренесинен жана мэриянын резервдик фондунан балдары бар колдоого муктаж үй-бүлөлөргө, мэрия тарабынан **2022-жылы 911 адамга 3 015 991сом жардам жана 2023-жылы 238 адамга 651 000 сом** материалдык жардам көрсөтүлгөн. Балдар иштери боюнча комиссия тарабынан 12 балага убактылуу камкорчу дайындалган, убактылуу 9 бала тууганДарына жана 1 бала башка адамдарга берилген, 2 балага сот аркылуу камкорчу көзөмөлчү дайындалган. Оор турмуштук кырдаалга кабылган 22 балага бала менен жеке иштөө пландары бекитилген. Убактылуу камкорчу дайындалган 4 баланын ичинен 2 жашы эрезеге жете элек баланы Кыргыз Республикасынын жарандарына асыроого алуу үчүн Кара-Көл шаардык сотуна жөнөтүлгөн. Кара-Көл шаардык мэриясы, Кыргыз Республикасынын “Үй бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” 27.04.2017-ж. №63 Мыйзамынын талаптарына ылайык, балдарга карата ырайымсыз мамилелердин жана зордук-зомбулуктун жана укук бузуулардын, балдардын турмуштук оор кырдаалга кабылуусунун алдын алуу максатында, Кара-Көл шаардык мэриясынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча 2023-2024 жж стратегиялык планы ” Кара-Көл шаарынын мэринин 30.12.2022ж №612-буйругу менен бекитилген. Стратегиялык пландын алкагында ички жана тышкы мигранттардын балдары үймө-үй кыдыруунун негизинде такталган.

таблица 7

**2023-жылдын 01-июлуна карата мигранттардын балдары тууралуу маалымат**

| Кара-Көл шаары Жалал-Абад областы | | |
|---|---|---|
| **№** | **Тапшырмалардын аталышы** | **01.07 2023-ж.** |
| 1 | Жумушчу мигранттардын балдарын тактоодо үймө-үй кыдыруулардан такталган кожолуктун саны | **6319** |
| 1.1 | **Жумушчу мигрант үй-бүлөлөрдүн жалпы саны,** алардын ичинен: | **606** |
| | Такталган ички мигранттардын үй бүлөлөрүнүн саны | 76 |
| | Такталган тышкы мигранттардын үй бүлөлөрүнүн саны | 530 |
| 1.2. | **Жумушчу мигранттардын балдарынын жалпы саны,** алардын ичинен: | **691** |
| | Ички жумушчу мигранттардын балдары | 88 |
| | Тышкы жумушчу мигранттардын балдары | 603 |

Мониторингдин жыйынтыгы менен ата-энеси миграцияда жүргөн балдардан турмуштук оор кырдаалга кабылгандары аныкталды жана алар менен жеке иштөө пландары түзүлдү:

Таблица 8

| **Бала менен жеке иштөө планы түзүлгөн мигранттардын балдары** | | |
|---|---|---|
| 1. | Турмуштук оор кырдаалга кабылган ички жана сырты мигранттардын балдардын саны, алардын ичинен: | 3 |
| А | Сырткы мигранттын баласы | 3 |
| Б | Туугандарынын үйүндө жашагандар | 3 |

Таблица 9

**Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар жөнүндө маалымат 01.07.2023-ж:**

| № | категориялары | саны | себептери | Кандай чара көрүлдү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энесинен кароосуз калгандар | 12 | -ата-энесинен ажыраган – 6<br>-убактылуу-6 | Башкармалыктын сотко чейинки убактылуу камкорчу дайындоо үчүн 4 балага буйругу чыгарылып, ал эми 2 балага сот аркылуу камкорчу-көзөмөлчү дайындалган. |
| 2 | Интернатка кеткен бала | 1 | Жетим кыз | Ысык-Ата районундагы “Гүльзар” балалык борбордо тарбияланып жатат.Бала менен жеке иштөө планы бекитилди. |
| 3 | Зомбулукка кабылган бала | 1 | Апасы тарабынан эки ирет кызына зомбулук көрсөтүлгөн | Энелик укугун убактылуу чектөө ж-дө арыз Кара-Көл шаардык сотуна жөнөтүлдү.Кызга камкорчуу болуп бир |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | убактылуу тайэжеси дайындалды . |
| 4 | Бала талашуу | 3 | Ата-энесинин пикир келишпегенинен улам бала талашуу | Маселе балдар иштери боюнча комиссияда 2 жолу каралып, балдар апасынын багуусуна берилди |
| 5 | Асыроого берилген | 2 | Баладан баш тарткан, ымыркай балдарды асырап алуу. | КРнын жарандары асырап алуу үчүн Кара-Көл шаардык сотуна материалдар жөнөтүлгөн. |
| 6 | Убактылуу багып алуучу үй-бүлөгө жайгаштыруу (фостер) | 2 | Апасы спирт ичимдигин ичип кыздары кароосуз калган. | Убактылуу багып алуучу үй-бүлөгө(фостердик) жайгаштырылган. Сезондук кийим-кече менен камсыздалган. |
| 7 | Кош бойлуулук | 1 | Ата-энелик милдетин так аткарбай, спирт ичимдигин ичип кызы кароосуз калган. | Ата-энесине түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, маселе БИКда каралды. ШЭСКМБы тарабынан энелик укуктан ажыратуу боюнча шаардык сотко доо арыз берилип, арыз сот тарабынан канааттандырылды. |
| | **жалпы** | **22** | | |

*Сүрөт 5.Турмуштук оор кырдаалга калган үй-бүлөнү комиссияда кароо учуру*

Шаардык мэрия, шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы, шаардык ички иштер бөлүмү, шаардык билим берүү бөлүмү, Б.Рысбеков атындагы шаардык жалпы дарыгерлердин практикалоо борбору, Жазы-Кечүү, Кетмен-Төбө айыл аймактык башкармалыктар менен биргеликте балдарын жакындарына калтырып, ата-энеси тышкы жана ички миграцияда эмгектенип жүргөн балдардын жакын туугандарын үймө-үй кыдырышты. Алар бир үй бүлөгө

түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүштү жана шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы бирдиктүү базага киргизишти.

**Кара-Көл шаарынын аймагындагы ички жана сырткы мигранттардын балдарынын электрондук базасынан көрүнүшү:**

**Форма учета семей и детей мигрантов города Кара-Куль Жалал-Абадской области**

| Год рождения | Дети учащиеся в школе № | Класс | Дети оставленные (матерью, отцом) | Кем приходится ребенку глава семьи (бабушка, дедушка, родственники) | Оформлена ли над детьми опека (да, нет) | Куда выехали родители: за пределы республики | Куда выехали родители: внутри республики | Дети получают (ЕПМС, ЕСП, пенсию, у/к) | Дети получают поддержку от родителей мигрантов (да/нет) | Дети подвергаются жестокому обращению (да/нет) | Дети семей находящихся в ТЖС | Дети взятые на учет: составлены ИПЗР/ПИРС |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2006 | №2 | 6 | мать | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| | | | | | | | | | | | | |
| 2004 | №3 | 8 | мать | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| 2007 | №3 | 5 | | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | Д/с | | мать | бабушка | да | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| 2017 | Д/с | | мать | бабушка | да | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| | | | | | | | | | | | | |
| 2008 | №3 | 5 | родители | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| 2010 | №3 | 3 | родители | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| | | | | | | | | | | | | |
| 2011 | №1 | 1 | мать | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| 2007 | №3 | 5 | мать | бабушка | нет | РФ | | нет | да | нет | нет | нет |
| | | | | | | | | | | | | |
| 2013 | Д/с | | мать | бабушка | нет | Корея | | нет | да | нет | нет | нет |

ШЭСКМБнын Үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо бөлүмүндө каттоодо турган балдардын саны-44, алардын ичинде жетимдер- 24, ата-энесинин бирөөсүнөн ажырагандар - 11, көзөмөлсүз калган - 9 балдар катталган. Мэрия тарабынанШЭСКМБда Үй-бүлө жана балдарды колдоо бөлүмүндө каттоодо турган 23 жетим балага, жыл сайын акча каражаты которулуп турат. Кара-Көл шаарындагы "Айыл Банк" ААКнан **"Наристе" депозиттик** эсептик-счетторуна 2022-ж балдар иштери боюнча комиссиянын токтомунун негизинде ар бирине 4,5 миң сомдон жалпы 103500 (жүз миң беш жүз) сом которулган.Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок 3 балага туулгандыгы тууралуу күбөлүк алынып берилген.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 178 балдардын ичинен, мектепке чейинки курактагылары 60,мектеп жашындагылары 118. Мектепте 115 бала окушат, алардын ичинен жекече окуу программасы менен окугандар 43 бала, инклюзивдүү окугандар 17 бала. Ал эми 3 бала ден соолугунун көрсөткүчү боюнча окууга тартылган эмес.

Кара-Көл шаарынын мэриясынын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп үй-бүлө институтун бекемдөө, өнүктүрүү, балдардын абалын жакшыртуу болуп эсептелет. Бул багытта мэриянын алдында түзүлгөн "Балдар иштери боюнча комиссия" балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча маселелерди өз убагында карап, тийешелүү чараларды көрүү боюнча чечимдерди кабыл алып, анын аткарылышын көзөмөлдөп келет. Комиссия,2022-жылдын августунан 31-декабрга чейин 13 отурум өткөрүп, анда 35 маселе каралып 35 токтом чыгарылган.Алэми2023-жылдын августуна чейин Балдар иштери боюнча комиссиясынын 17 отуруму болуп өтүп, анда 35маселе каралып 34 токтом чыгарылган.



*Сүрөт 6. Балдарды каттоо жүргүзүү учурунан*

Мэриянын коллегиясында 2023-жылы 24-майда №10-кт токтом менен балдардын жайкы эс алуусун уюштуруу жөнүндө иш чара бекитилип, “Кайыңды” балдардын жайкы эс алуу борбору 2023-жылдын 4-июлунан 10-августуна чейин 4 агымда иштеп, 796 бала жайкы каникул мезгилинде эс алды.



*Сүрөт 7. “Кайыңды”эс алуу борборундагы балдар*

Социалдык колдоого муктаж балдар социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын алдындагы Балдарды жана үй-бүлөнү колдоо бөлүмүнүн сунушу менен 53 бала акысыз, 227 бала кайрылган ата-энелердин арызы менен жолдомо алууда женилдиктерге ээ болушту. Жолдомолор Балдар иштери боюнча комиссиянын токтомунун негизинде берилди. Жолдомолорду каржылоого жергиликтүү бюджеттен 750,0 миң сом акча каражаты бөлүндү.

Кара-Көл шаарында “Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын эл аралык күнүнө” карата аларга коомчулуктун көңүлүн буруу, ыктыярдуу кызматтарды көрсөтүү, алардын катышуусу менен маданий, спорттук иш-чараларды өткөрүп турат. Кара-Көл шаарынын мэриясы тарабынан 2022-жылдын 15-ноябрынан 15-декабрга чейин “Биз биргебиз” аттуу акция жарыяланган.“Энергетик” маданий үйүнүн фойесинде 2022-жылы 2-декабрь күнү**“3-декабрь – Ден - соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендердин эл аралык күнүнө”**карата спартакиада спорттун кол күрөш, таяк тартыш, шахмат, шашки, гира көтөрүү түрлөрү боюнча өттү, ага 32 адам

катышты. Ал эми концерттик залында “Соолубасын үмүттөр” темасында чыгармачылыктарын тартуулаган концерт болду.Шаардык иш-чарага шаар тургундары, мекемелердин жетекчилери, студенттер, окуучулар, маданият, маалымат кызматкерлери  катышышты.Алар, ДМЧАлар арасында өткөрүлүп жаткан спартакиадасынын катышуучуларын куттуктап ийгилик каалашты жана маданият кызматкерлери менен бирге майрам ээлери тартуулаган концерттик программага күбө болушту.



*Сүрөт 8. Спартакиада шашки жана тогуз коргоол мелдеши учурунда*

Жеңүүчүлөр баалуу белектер, грамоталар менен сыйланышты, Спартакиаданын женүүчүлөрүнө сыйлыктар үчүн жергиликтүү бюджеттен 60000сом шаардык жаштар иштери жана спорт бөлүмү аркылуу каржыланган.



*Сүрөт 9. Спартакиадада таяк тартыш мелдеши учурунда*

Спартакиаданын жеңүүчүлөрү Чаткал районунда өткөн  областтык спартакиадага барып келишти, алардын сапар чыгымдары жергиликтүү бюджеттен  каржыланган.ДМЧАлар арасында “Соолубасын үмүттөр” аттуу шаардык музыкалык сынактын катышуучуларына баалуу белектер, грамоталар берилди. Мэрия тарабынан 10000(он миң)сом сынакты өткөрүү үчүн каржыланды.



*Сүрөт 10. “Соолубасын үмүттөр”чыгармачылык коннкурсунун  катышуучулары*



*Сүрөт 11. “Соолубасын үмүттөр”чыгармачылык коннкурсунун  көрүүчүлөрү*



*Сүрөт 12. “Жаш кыял” бий ансамбли көрүүчүлөргө бий тартуулоодо*

Жаңы-жыл майрамын тосууга балдарга жаркын маанай тартуулоо максатында Аяз-ата, Аяз кыздардын жүрүшү болуп, шаар ичиндеги көчөлөрдү кыдырып, балдарга белек тартуулап чыгышты. Каттоодо турган балдарга 230 балага жана эң мыкты окуган 100 балага мэрия жаңы-жылдык жомок майрамын уюштуруп таттуу белектерди берди.Белектерди сатып алуу жергиликтүү бюджеттен каржыланды.



*Сүрөт 13. Жаңы-жылдык жомок майрамында*

**Укуктук коргоо жана теңдик**

Кара-Көл шаардык мэриясы, 27.04.2017-жылы кабыл алынган №63 Кыргыз Республикасынын “Үй бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык, балдарга карата ырайымсыз мамилелердин жана зордук-зомбулуктун жана укук бузуулардын, балдардын турмуштук оор кырдаалга кабылуусунун алдын алуу максатында,мэриянын 21.12.2022-ж №572-буйругу менен“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин курамы түзүлүп жобосун кабыл алынган. Ошондой эле Кара-Көл шаардык мэриясынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча 2023-2024 жж стратегиялык планы” Кара-Көл

шаарынын мэринин 30.12.2022ж №612-буйругу менен бекитилген. Стратегиялык планда маалыматтык, алдын алуу, жабыркагандарга жардам көрсөтүү иш чаралары каралган.

**Маалыматтык иш чаралар:**Планды ишке ашыруу боюнча жергиликтүү комитеттин мүчөлөрүн январь айында 2 күндүк окутуудан-тренингден өтүштү. Окутууда, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет, үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу маселелерин биргелешип жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын шаардык бөлүмдөрүнүн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн түзүлгөн коллегиялдуу органдын ишин талкуулашты. Комитеттин негизги максаты – үй-бүлө мүчөлөрүнүн (а.и аялдардын, балдардын, улгайган жана аракетке жөндөмсүз жарандардын) үй-бүлөлүк зомбулуктан укугунун бузулушун алдын алууга көмөк көрсөтүү экендиги жана аны ишке ашыруудагы аракеттер экендиги белгиленди.

“Үй бүлөлүк зомбулуктун көрүнгөн жана көрүнбөгөн кесепеттери тууралуу” ата-энелерге маалыматтык жыйындар өткөрүлдү. Окуучулардын театр форумда, “Мен зомбулукка каршымын” темасындагы видеороликтерде чагылдырган көйгөйлөрдү талкуулап, ата-энелерге буклеттер, брошюралар таркатылды. Зомбулукка каршы күрөшүү – жалпыбыздын ишибиз, андыктан балдар чагылдырган төмөнкү көйгөйлөргө көңүл бөлүү зарылдыгын белгилеп, буклеттер даярдалды жана элге таркатылды.




Шаардагы мекеме, окуу жайлардын жамааттарына **“Үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербе”** темасында маалыматтык минитренингдер ар бир мектепте, класстарда өткөрүлдү. Бул маалыматтык микротренингдин максатыжамааттагы, үй бүлөдөгү, окуучулар арасында, коомчулуктагы чыр-чатактын, зордук зомбулуктун алдын алуу,үй бүлөдөгү зомбулук түшүнүгү жөнүндө билимдерин кеңейтүү. Ошондой эле«Конфликт» түшүнүгүнө аныктама берүү,

конфликттерге туура мамиле жасоо жөндөмүн өнүктүрүү жана “Зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен тааныштыруу болду.Жогорку класстардын окуучуларына, окуучулардын ата-энелерине микротренингдер мугалимдер тарабынан өтүлгөн. Жалпы жамааттын мүчөлөрү 443, кайтарым байланыш аркылуу1220 катышуучуга маалымат жеткирилди. Шаардагы 1663 адам микротренинг аркылуу маалыматтуулукка жетишти.Окуучулардын видеороликтерде, минитренингдерде көтөргөн маселелери боюнча **“Үй-бүлөлүк ынтымак – баарынан кымбат”** темасындаата-энелер менен август айында жолугушуулар өтүп даярдалган брошюралар таркатылды.Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу маселелери аймактык жыйындарда, ошондой эле борбордук мечитте үй-бүлөдөгү зомбулуктан сактануу, зомбулук орун алганда жардам берүүчү кызмат адамдары менен байланышуу, шаар тургундарынын, жаштардын жана балдардын арасында укук бузууларды, кылмыштуулукту, балдарга карата ырайымсыз мамилелерди, үй-бүлөлүк зомбулукту жана суициддерди, эрте турмушка чыгуунун алдын алуу боюнча жана кыз ала качуу кылмыш экендиги тууралуу маалыматтар берилди.



*Сүрөт 14. Маалыматтык иш чаралар учурундагы сүрөттөр*

**Алдын алуу иш чаралары:**Шаардык мэрия, шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы, шаардык ички иштер башкармалыгы, шаардык билим берүү бөлүмү, Б.Рысбеков атындагы шаардык жалпы дарыгерлердин практикалоо борбору, Жазы-Кечүү, Кетмен-Төбө аймактык башкармалыктар менен биргеликте шаарыбыздагы балдарын жакындарына калтырып, ата-энеси тышкы жана ички миграцияда эмгектенип жүргөн балдардын базасын түзүү үчүн үймө-үй кыдыруу менен ар бир үй бүлөгө түшүндүрүү иш чаралары жүргүзүлдү жана шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы бирдиктүү базага киргизишти.

2023-жылдын 14-16-февралында Кара-Көл шаарынын аймагындагы №1-6-мектептеринин 10-11 класстардын окуучуларына, 21-22-24-февралында 5-9-класстарынын окуучуларына Үй бүлонү жана балдарды колдоо бөлүмүнүн башкы адиси О. Молдобаеванын, социалдык кызматкер С. Донбашованын, Кара-Көл ШИИБнүн Балдар иштери боюнча инспекциясынын (БИИ) улук тескөөчүсү А. Кумарбекованын, БИИнин тескөөчүсү Т.Абдраимованын катышууларында

өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, үй-бүлөлүк зомбулуктардын алдын алуу, диний экстремизм, мектеп рэкетчилиги, эрте никелердин алдын алуу, балдар үчүн “Ишеним телефону -111” жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.



*Сүрөт 15. Зомбулукту  алдын алуу тууралуу мектепте балдар менен жыйын*



*Сүрөт 16. Зомбулукту  алдын алуу тууралуу класста балдар менен маек*



*Сүрөт 17.Зомбулукту  алдын алуу тууралуу  прокурор м.а Ф.Султанова балдар менен*

2023-жылдын 13-мартында шаар аймагындагы №1-6-мектептеринин 5-11-класстарынын окуучуларына ҮББК бөлүмүнүн башкы адиси О.Молдобаеванын, Кара-Көл шаарынын прокурорунун у.м.а. Ф.Султанованын, Кара-Көл ШИИБнүн БИИнин улук тескөөчүсү А.Кумарбекованын, Кара-Көл ШБББнүн башкы адиси В.Исмаилованын катышуусунда өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, үй-бүлөлүк зомбулуктардын алдын алуу, диний экстремизм, мектеп рэкетчилиги, эрте никелердин алдын алуу, балдар үчүн “Ишеним телефону - 111” жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.Балдар, эгерде бирин-бири опузалоо, маскаралоо же салык салуу, бири-бирине үстөмдүк кылуу сыяктуу көрүнүштөр мектеп ичинде байкалса же боло турган болсо сөзсүз өз убагында кимге кайрылуу керектиги жөнүндө маалымат алышты.

Шаардын прокурору катышкан2023-жылдын 19-майында Кара-Көл шаарынын №1,2,3 жана 4 мектептериинин окуучулары менен жолугушуу өткөрүлдү.Жолугушууда Кара-Көл шаарынын прокурору Т.Н.Сегизбаев жаш өспүрүмдөргө келечек кесиптин ээси болууда, мисалга алсак, ошол эле мамлекеттик кызматта, укук коргоо кызматтарынын багыттарын тандоодо, жаш кезекте билбестик менен жасалган ар кандай терс көрүнүштөр өз кесепетин тийгизээрин белгилеп, окуучуларды окууга дыкат көңүл коюп, ата-энелерине, эже-агайларына болгон мамилени жакшыртууга чакырып, окуучулар менен суицид, баңгилик, аракечтик чылым чегүү жана башка мыйзамсыз көрүнүштөрдүн элементтерин камтыган маселелер боюнча суроо-жооп форматында, маалыматты балдарга жеткирүү максатында талкуу өткөрүлдү.Жыйынтыгында окуучулар арасында көптөгөн суроолор берилип, аларга прокуратура органынын, шаардык ИИБнүн кызматкерлери жана Кара-Көл шаардык жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун врач нарколог психиатры А.Акимбаева тарабынан жооптор алынды.





*Сүрөт 18.Баңгилик, аракечтик чылым чегүү тууралуу прокурор жана дарыгер балдар менен*

Кара-Көл шаарынын аймагында жалпы билим берүү мекемелериндеги окуучулар арасында ШИИБдин 19.12.2022-жылы №317 сандуу буйругунун негизинде чыгарылган "Милициянын жаш жардамчысы" отрядынын кароо-конкурсу 2023-жылдын 24-февралында өткөрүлүп, анда шаар аймагында жайгашкан билим берүү мекемелеринен №1 Токтогул, №2 Ч.Түлөбердиев, №3 М. Фрунзе, №4 Д.Шопоков жана №6 Т.Темиров атындагы мектептердин окуучулары катышты, конкурстун эрежелерин сактап, активдүүлүгүн көрсөткөн №3 Фрунзе атындагы мектептин окуучулары конкурстун жеңүүчүсү болуп аталды.

**Жабыр тарткандар менен иш алып баруу чаралары:** Отчеттук мезгил ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган 4 учур катталды.

Таблица 10

| № | Категориялары | Саны | Себептери | Кандай чара көрүлдү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Зомбулукка кабылган кыз | 1 | Апасы тарабынан эки ирет кызына зомбулук көрсөтүлгөн | Энелик укуктан убактылуу четтетүү жөнүндө доо арызы Кара-Көл шаардык сотуна жөнөтүлдү.Кызга убактылуу камкорчу болуп бир тууган тайэжеси дайындалды . |
| 2 | 17 жаштагы кыз кош бойлуу | 1 | Ата-энелик милдетин так аткарбай, энеси спирт ичимдигин ичип кызы кароосуз калган. | ШЭСКМБы тарабынан энелик укуктан ажыратуу боюнча шаардык сотко доо арыз берилип, арыз сот тарабынан канааттандырылды. |
| 3 | Күйөөсү аялын уруп койгон | 2 | Үй-бүлөлүк чыр чатактын күбөлөрү 3 бала | 2 учур жергиликтүү комитеттин отурумунда каралып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана үй-бүло менен жеке иштөө планы бекитилди. |



*Сүрөт 19.Рейд жүргүзүү учурунда*

Регионалдык экотехника кызматы менен бирдикте шаарыбыздагы баардык соода түйүндөрүндө, кафелерде, интернет клубдарда, кызмат көрсөтүү жайларда (автозаправка, автомойка, вулканизация) иштеген жаш өспүрүмдөрдүн аныктоо үчүн рейд жүргүзүлүп, жеке ишкерлерге өспүрүмдөрдүн иштөө нормалары боюнча түшүндүрмө берилген. Рейддин жыйынтыгы балдар иштери комиссиясынын отурумунда каралган.

Кара-Көл шаарынын мэриясынын адистери тарабынанжарандарга консультациялык-укуктук жардам берүү жүргүзүлөт. Жарандардын кайрылууларынын тартибин аныктоо максатында “Калкка консультациялык - укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө” жобо Кара-Көл шаардык кеңештин 2019-жылдын 14-октябрындагы №167/32-7 токтому менен бекитилген.

Консультациялык-укуктук жардамга муктаждар мэриянын 1-кабатындагы коомдук кабылдамага келишет. Алардын кайрылууларынын негизинде консультациялык - укуктук жардам көрсөтүү үчүн мэрдин орун басарларына, адистерге жөнөтүлөт.Мэрдин кабыл алуу күндөрү жумасына 2 жолу шейшемби, бейшемби күндөрү жүргүзүлөт жана журналга катталат. Ишеним телефондор уюштурулган жана иштейт.




*Сүрөт 20. Коомдук кабылдамада*

Кайрылган адамдардын маселелеринин мазмунуна жараша укуктарды ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо, укук маселелери боюнча консультациялоо иштери жүргүзүлгөн.Ошондой эле укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө адистер тарабынан жардам берилип, жарандардын кайрылуулары мэриянын тиешелүү комиссияларында каралган. “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КРнын Мыйзамынын талаптары сакталат, арыздардын өз убагында жана сапаттуу аткарылуусу көзөмөлгө алынат.

2022-жылдын август айынан 2023-жылдын августуна чейин коомдук кабылдамага кайрылган жарандардын саны **130**.

Таблица 11

**Консультациялык –укуктук жардам берүүнүн көрсөткүчтөрү**

| № | Кайрылуунун мазмуну | саны | А.и. балдарга, жаштарга тиешелүү | Аткарылышы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер тилке алуу жана турак жай маселеси | 70 | 4 | Укуктук мүнөздөгү документ даярдоого жардам берилди. |
| 2 | Асырап алуу, камкорчу дайындоо | 1 | 1 | Документ даярдоого жардам берилди. |
| 3 | Туулгандыгы ж-дө күбөлүк алып берүү | 1 | 3 | Документ даярдоого жардам берилип, күбөлүктөр алынды. |
| 4 | Бала талашуу | 3 | 3 | Укуктук жардам берилди, маселе комиссияда каралды. |
| 5 | Бала бакчага орноштуруу | 3 | 3 | укуктук мүнөздөгү жардам берилди. |
| 6 | Турмуштук оор кырдаалга кабылуу | 30 | 4 | Укуктук мүнөздөгү документ даярдоого жардам берилди. |
| 7 | Жер талашуу маселелери | 20 | - | Сервитут ыкмасында пайдаланууга келишишти. |
| 8 | Жумушсуздук маселелери | 2 | 2 | Вакансиялар боюнча маалыматтар берилди. |
| | Жалпы | **130** | **20** | |

Ошондой эле, өз ара сүйлөшүү жолу менен чечкенге мүмкүн болбой калган учурларда, аларды Медиация кызматына жолдойбуз, коомдук кабылдамага катар медиация кызматынын кабинети ачылган. Айрым учурларда материалдык жардамдар көрсөтүлүп, жарандарды оор абалдан чыгарууга ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө компетенттүү органдардын көңүлү бурулган. Мэрия тарабынан аймактык жыйындарда, кайрылган жарандарга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүлөрү маалымдалган.

## 2.2. Балдардын ден-соолугун, балдар менен жаштардын сергек жашоо образын коргоо

## Балдардын ден-соолугунун абалы

Балдардын ден-соолугунун медициналык-социалдык жактан эң маанилүү көрсөткүчү болуп ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын саны эсептелет. Шаар боюнча 178 ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген бала катталган. Алардын 40% соматикалык оорулар, 26% нерв оорулары, 33% тубаса оорулар менен жабыркайт. Ден-соолугунун абалына байланыштуу персоналдык ассистент дайындалганы 18 жашка чейинки балдарга 47, алми 18-28 жаштагыларга дайындалганы 16. Жыл ичинде Б.Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлер практикалоо борборуна кайрылгандардын саны 17112, анын ичинде медициналык кароодон өтүү үчүн кайрылгандар 11512,

ал эми ооруп кайрылган балдар 5602. Ооруулардын ичинен 3538 учур дем алуу органдарына байланыштуу болгон. Кызыл ай коомунун волонтерлору менен бирге ЖДПБнун офтальмологу окуучулардын көзүнүн ден-соолугун апрель айында текшерип чыгышкан.Текшерүүнүн жыйынтыгында көрүүсү начарыраак 9 бала аныкталып, толук текшерүүгө жөнөтүлгөн.



*Сүрөт 21. Дарыгерлер балдарды текшерип жатат*

## Тамеки тартуунун жана алкоголду керектөөнүн кесепеттери жөнүндө маалымдоо жана алдын алуу боюнча иш-чара

Кара-Көл шаарында өспүрүмдөргө жана жаштарга ден соолукту сактоо жана сергек жашоону пропагандалоо максатында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү***велосипедчендер жүрүшү***:



*Сүрөт 22. Веложүрүштөн сүрөттөр*

Кара-Көл шаарында 7-апрель "Бүткүл дүйнөлүк ден соолук" күнүнө карата эрте менен саат 8:30да веложүрүшко катышуучулар борбордук аянтка чогула баштады. Кызыл ай коомунун Кара-Көл шаарындагы волонтёрлор тобу уюштурууга активдүү катышты. Бүткүл дүйнөлүк ден-соолук күнүнө карата жаштар арасында 2700 метрге созулган вело жүрүш өткөрүлдү. Тамекинин, алкоголдук ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндө маалыматтар таркатылды. Веложүрүшкө “Биз сергек жашоону тандайбыз” деген девиз менен 100 адам катышты.Веложүрүшко активдүү

катышкан ар бир келечек муунга Кызыл Ай Коомунун белеги, уюштуруучулардын "Ыраазычылык баракчасы" менен акчалай сыйлыктар шаардык кеңештин төрагасы тарабынан тапшырылды.

***Жөө жүрүш:*** Аны менен катар жөө жүрүшкө шаар аймагында жайгашкан жалпы билим берүүчү орто мектептердин 8-11-классынын окуучулары, спорт - ден-соолук булагы экендигин, алкоголдун, тамеки тартуунун ден-соолукка зыяндыгын, СПИДке каршыбыз, дени сак,сергек болуу максатыбыз деген ураандарды көтөрүп Ленин көчөдөн баштап, “Энергетик” стадионуна чейин жар салып басып барышты.



*Сүрөт 23. Ленин көчөсүнөн Энергетик стадионуна чейин жөө жүрүш учурунан*

Кара-Көл шаарындагы Кызыл Ай Коомунун волонтёрлору Бүткүл дүйнөлүк Ден-соолук күнүн белгилөөгө келген катышуучуларга "Көз ооруларын алдын алуунун жана режимди туура сактоо ыкмаларын" түшүндүрүп беришти. Таркатма маалыматтарды ар бир катышуучуга тапшырып, каалоочулардын көзүнүн ден-соолугун текшерүүлөрдү активдүү уюштурушту.

***Сүрөт конкурсу:*** Балдарды коргоо күнүнө карата дени сак жашоону даңазалап, балдар асфальтка сүрөт тартышты, ага 200 бала катышты.Алар, спорт – ден соолуктун булагы, биз тамеки тартууга, алкоголду жана баңги заттарды пайдаланууга каршыбыз, сергек жашоону каалайбыз темасында болду.





*Сүрөт 24. Балдар дени сак жашоону даңазалап, асфальтка сүрөт тартуу учуру.*

## ВИЧ/СПИД илдетине каршы иш-чара

Кара-Көл шаарынын мэриясы 2022 жылдын 1-ноябрынан 1-декабрга чейин ВИЧ/СПИД илдетине каршы күрөшүүнүн бир айлык акциясын жарыялады. Ага ылайык “1-декабрь – Бүткүл дүйнөлүк ВИЧ/СПИД илдетине каршы күрөшүү күнүнө” карата Кара-Көл шаарынын ар бир мектебинде СПИД илдетин алдын алуу жана анын жугуу жолдору жөнүндө окуучулар арасында ар түрдүү түшүндүрүү иштери болуп өттү. Сексуалдык репродукдивдик ден соолук деген теманын ичинде "Жыныстык жол менен берилүүчү инфекциялар", Вирустук гепатит В, Адамдын папиллома вирусу, ВИЧ СПИД боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. “Биз теңбиз” темасында жөө жүрүшкө 01.12.2022-жылы 7-аянтчада №89 Кесиптик лицейдин жанынан башталып, “Энергетик” шаардык маданият үйүнө чейин, мектептердин окуучулары колледж, кесиптик лицейдин студенттери, ЖДПБ дарыгерлери, мекемелердин кызматкерлери чыгышты. Жөө жүрүш учурунда окуучулардын жана студенттер дин коопсуздугун жана саламат тыгын сактоо үчүн ШИИБнө, ЖДПБга коштоп жүрүштү.




*Сүрөт 25. “Биз СПИДке каршыбыз” жөө жүрүшүнөн*

1-декабрь СПИДке каршы “Биз келечектин жаштарыбыз деген темада мектептер аралык конкурс өттү, 1-декабрь – Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата АИВ-инфекциясын (ВИЧ) алдын алуу боюнча шаардык маданият үйүнө 30.11.2022-жылы “Тегерек стол” шоу программа менен коштолду.



*Сүрөт 26. “СПИДке каршыбыз” темасында жаштардын сахнадагы көркөм номерлери*

Кара-Көл шаарындагы жогорку жана атайын билим берүү окуу жайларынын 14-17 жаштагы жаш улан-кыздарга ВИЧ илдеттин алдын алуу максатында тренинг презентациялар өтүлүп, иш чаранын алкагында окуучулар өздөрү сценарий түзүп чакан тасмалар чагылдырылды жана концерттик программалар коюлду.Окуучулар СПИД, тамеки тартуу, алкоголь, насвай тартуунун терс таасири жөнүндө маалымат берип, сахналаштырууларды көрсөтүп, окуучуларды сергек жашоого үндөштү. Иш-чарага шаардын №1,2,3,4,6 мектептеринин 9-10-11-класстарынын окуучулары 400 адам жана мэриянын, жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун, билим берүүнүн кызматкерлери катышышты.


ВИЧ илдети боюнча ар бир мектепте “Коопсуз жүрүш” аттуу сумка берилген. Ичинде Психоактивдүү каражаттар, бойго бүтүүдөн сактоочу ыкмалар жөнүндө жалпы маалымат, репродуктивдүү укуктар тууралуу жалпы маалыматтар, ВИЧ/СПИД дин берилүү жолдору тууралуу өзүнө камтыган даяр программалар бар. Китепканага өткөрүлүп берилген.

Кара-Көл шаарында ичүүчү таза суу менен дээрлик бардык аймактарда калк камсыз болгон. Кетмен-Төбө айылында таза суу суткасына эки жолу берилет, ошол убакта жашоочулар суунун запасын камдап алышат, азыркы күндө таза суу дайыма бериле турган долбоор аяктоо алдында турат.

## 2.3. Балдардын коопсуздугу.

## Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук.

Кара-Көл шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын “Коомдук алдын алуу борбору ” коомдук бирикмеси ( мындан ары КААБ) Кара-Көл шаардык кеңештин 2019-жылдын 30-майындагы №161/28-7 токтому мененКоммерциялык эмес уюм катары түзүлгөн жана Коомдук алдын алуу борборунун УСТАВЫ жана туруктуу иш алып баруучу КААБнун кеңешинин курамы бекитилген.




КААБ өз ишин 2021-жылы 5-майда кабыл алынган № 60 " Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" КРнын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге жана Уставга ылайык ишке ашырат. Коомдук алдын алуу борборунун кеңешинин мүчөлөрү 35 (отуз беш) адамдан түзүлгөн. КААБнун мүчөлөрүнө WhatsAppргруппа ачылып, аларга маалыматтар ыкчам берилип турат.Кара-Көл шаарынын аялдар кеңеши "Коомдук алдын алуу борборуна жаңы дем берүү" темасында долбоор жазып, ага грант ыйгарылган. КААБ 2022-жылы жана 2023-жылы ичинде **"Чыр-чатак орун алса, кайдыгер эмесмин"** темасында тараптардыынтымакка чакырып,иш-чараларды жүргүзүүгө маалыматтык тренинг өткөрүлдү.Сүйлөшүү аянтчасынын негизги максаты – мындан ары жергиликтүү коомдо чыр-чатак, зомбулукту азайтуу, КААБ жергиликтүү бийлик менен социалдык өнөктөштүктө иш алып барып, актуалдуу маселелерди чыр чатаксыз чечүү аракеттерин көрүү болду.

КААБнун курамындагы коомдук уюмдар, мекемелерден, активдүү жарандар төмөнкүдөй курамда катышышты:



*Сүрөт 27. КААБ мүчөлөрү тренингде*

| | | |
|---|---|---|
| Аялдар кенешинен -9 | Мэрия кызматкерлери-2 | Шаардык депутаттар-5 |
| Аксакалдар кеңеши -5 | ИИМ кызматкерлери-5 | Айыл лидерлери- 7 |
| Аксакалдар соту-4 | Шаардык газета- 1 | Дин кызматкери-2 |
| Жаштар кенеши-7 | Социалдык педагогдор-7 | |

Ар кандай турмуштук окуялардан улам чыр-чатактардан жабыр тарткан жарандардын маселесин чечүү жолдорун издөө үчүн **“Чырды сүйбөйт мен жашаган – Кара-Көл”** темасында театр – форум өткөрүлдү.




*Сүрөт 28. Театр-форумда жаштардын чыр-чатактын алдын алуу боюнча оюндары*

Орто, атайын орто, кесиптик окуу жайларда 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштарга **“Мен зомбулукка каршымын”** темасында маалыматтык түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, зомбулуктун терс таасири жөнүндө видеороликтер конкурсун өткөрүлдү. Коомдук алдын алуу иштеринин алкагында жаштарды ынтымактуу жашоого үндөп 27-майда “Энергетик” маданият үйүндө “Мен зомбулукка каршымын” аттуу видеороликтер сынагында 10 видеоролик 450 көрүүчүлөргө тартууланды жана интернетке жарыяланды. Видео роликтерди интернет айдыңынан 10,0 миңден ашык адам көрдү. Видеороликтеги окуялар аркылуу коомдогу, үй бүлөдөгү, жаштар арасындагы чыр-чатактарды, чыр-чатактардын терс таасирлерин көрсөтүү менен жаштарды чыр-чатаксыз, ынтымактуу жашоого үгүттөдү. Сынакка катышкан видеороликтерге Коомдук алдын алуу борбору уюштурган калыстар тобу номинацияларды ыйгарылды, алар:

1. **“Аялдарга көрсөтүлгөн зомбулук”** аталышы менен Токтогул атындагы №1 гимназия мектебинин 9 А классынын видеоролигинин автору Насиров Тимурланга **“Мыкты актер”** номинациясы ыйгарылды.https://fb.watch/dkm3TjjuvM/

2.**“Мен кесибимди өзүм тандайм”** аталышы менен Токтогул атындагы №1 гимназия мектебинин 10 Б классынын видеороligине **“Келечекке ишеним”** номинациясы ыйгарылды. https://fb.watch/dkmdGBlcxu/

3. **“Мектеп жашоосу”** аталышы менен Токтогул атындагы №1 гимназия мектебинин 10 А классынын видеороликинин автору Уметов Марленге **“Креативдүү сценарист”** номинациясы ыйгарылды.https://fb.watch/dkmpIAv-WX/

**4. “Ата-энеси мигрант кыздын тагдыры”** аталышы менен Токтогул атындагы №1 гимназия мектебинин 8 А классынын видеороликине **“Актуалдуу сюжет”** номинациясы ыйгарылды. https://fb.watch/dkmF8cD9e6/

**5."Ата-энеси мигрант баланын тагдыры"** аталышы менен Ч.Түлөбердиев атындагы №2 мектебинин видеороликине **“Зомбулукка каршы күрөшүүчү чыгармачыл топ”** номинациясы ыйгарылды. https://fb.watch/dP1ALJt8XO/

**6.“Зордук-зомбулуктун социумдагы көрүнүшү”** аталышы менен Фрунзе атындагы №3 мектептин 10 А классынын окуучусу Таалайбеков Кубанычка **“Мыкты режиссер”** номинациясы ыйгарылды.https://fb.watch/dP1sEPS2q9/

**7.** “**Балдарды кароосуз калтырып кетүү-келечекке сокку”** аталышы менен Д.Шопоков атындагы №4 орто мектептин 7-8 класстарынын окуучуларынын видеороликине **“Актуалдуу сценарий”** номинациясы ыйгарылды.https://fb.watch/dP1ljrBgB9/

**8.“Азаматтын тагдыры”** аталышы менен Хуриев атындагы №5 орто мектебинин окуучуларынын видеороликине **“Мыкты сценарист”** номинациясы ыйгарылды. https://fb.watch/dP170U3UmF/

**9.** Т.Темиров атындагы №6 орто мектебинин окуучулары **“Жеңенин азабы”** видеороликинде негизги каармандын ролун мыкты аткаргандыгы үчүн 7-класстын окуучусу Тагаев Амантурга **“Таланттуу актер”** номинациясы ыйгарылды. https://fb.watch/dP1e1pi-RB/

**10.“Ырыс алды ынтымак”**аталышы менен “Энергетик” маданият үйүнүн алдындагы драмалык ийримдин катышуучуларынын видеороликине **“Ынтымакка чакырык”** номинациясы ыйгарылды.https://fb.watch/dP1bC1dx4V/

Зомбулукка каршы күрөшүү – жалпыбыздын ишибиз, андыктан балдар чагылдырган төмөнкү көйгөйлөргө көңүл бөлүү зарылдыгын белгилеп, буклеттер даярдалды жана элге таркатылды.Шаардагы мекеме, окуу жайлардын жамааттарына **“Үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербе”** темасында маалыматтык минитренингдер ар бир мектепте өтүпага 443 адам катышты.

Микротренингдин максаты – жамааттагы, үй бүлөдөгү, окуучулар арасында, коомчулуктагы чыр-чатактын, зордук зомбулуктун алдын алуу болду.«Конфликт» түшүнүгүнө аныктама берилди, конфликттерге туура мамиле жасоо жана “Зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамы жөнүндө маалыматтар берилген.Мугалимдер кайрадан окуучуларга, алардын ата-энелерине өтүшкөн. Кайтарым байланыш аркылуу1220 катышуучуга маалымат жеткирилди. Жыйынтыгында, шаардагы 1663 адам микротренинг аркылуу маалыматтуулукка жетишти. Окуучулардын видеороликтерде, минитренингдердерде көтөргөн маселелери боюнча**“Үй-бүлөлүк ынтымак – баарынан кымбат”** темасындаата-энелерге жолугушуулар өтүп брошюралар таркатылды.



*Сүрөт 29. Буклеттерди брошюраларды таркатуу учурунан*



*Сүрөт 30.Көчмө кабылдама аксакалдар кеңеши менен*

Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу, үй-бүлөдөгү зомбулуктан сактануу, зомбулук орун алганда жардам берүүчү кызмат адамдары менен байланышуу маселелери КААБдын мүчөлөрү катышкан аймактык жыйындарда, ошондой эле борбордук мечитте маалыматтар берилди.Анда, шаар тургундарынын, жаштардын жана балдардын арасында укук бузууларды, кылмыштуулукту, балдарга карата ырайымсыз мамилелерди, үй-бүлөлүк зомбулукту жана суициддерди, эрте турмушка чыгуунун алдын алуу жана кыз ала качуу кылмыш экендиги тууралуу түшүнүктөр берилди. Кара-Көл шаар аймагына кирген ар бир аймакта, үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу зарыл болгон учурларды байкаган учурда ыкчам маалыматтарды (3746) 51803, (3746) 52209 байланыш телефондору аркылуу берүүгө жарандарды активдүү



катышууга чакырды. Мэрдин жана  КААБнун мүчөлөрү катышкан жыйындар 2022-жылдын апрель, ноябрь жана 2023-жылдын апрель айларында Кара-Көл шаарынын Серый, Бөкөмбаев, Сабиров, Панфилов, Масиров, Чаргынов, Ленин, Төш-Мазар, Ак-Шар, Чоң-Таш, Ак-Таш, Ак-Кыя-1,2, Бекташ, Кулданбаев көчөлөрүнүн жана Кетмен-Төбө, Жазы-Кечүү айылдарынын жашоочуларынын көйгөйлөрүн угуу менен бирге калк арасындагы укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык иш- чаралар ар бир аймакта өткөрүлүп турат. Көчмө кабылдама менен жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Буклеттер таркатылды жана шаар аймагында каттоодо жок, мезгил мезгили менен белгисиз жана шектүү адамдар келип жаткандыгы байкалса, шаардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында дароо КААБна (участкалык инспекторго ж.б) билдирүү зарылдыгы жарандарга эскертилди.

Жарандар ортосунда пикир келишпестиктен улам бири бирине орой мамиле жасап, ушактарды таркатуу, өспүрүм балдары урушуп кетсе, аларга болушкан ата-энелердин кайым-айтышуусу жана документтери жок пайдаланган жер тилкелерин кошуналар ортосунда талашуу ж.б маселелер менен кайрылышат. Алар менен жекече алдын алуу иштерин КААБ жана Медиация кызматы тарабынан жүргүзүлүп, чатактын ырбап кетиши токтотулат. Мындай мүнөздөгү кайрылууларды, аксакалдар соту, аялдар кеңеши жана жаштар кеңеши биргеликте карап, кеп-кеңештерин айтып тараптарды элдештирүүгө жетишип жекече алдын алуу иш-чаралары өткөрүлүп турат. Жарандардын маселелерин чечүүгө көмөк көрсөтүү максатында “Калкка консультациялык – укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө” жобо Кара-Көл шаардык кеңештин 2019-жылдын 14-октябрындагы №167/32-7 токтому менен бекитилген. Консультациялык-укуктук жардамга муктаждар мэриянын 1-кабатындагы коомдук кабылдамага келишет.




*Сүрөт 31. Коомдук кабылдамага кайрылуу учурунда*

Алардын кайрылууларынын негизинде консультациялык - укуктук жардам көрсөтүү үчүн мэрдин орун басарларына, адистерге жөнөтүлөт. Мэрдин кабыл алуу күндөрү жумасына 2 жолу шейшемби, бейшемби күндөрү жүргүзүлөт жана журналга катталат. Ишеним телефондор уюштурулган жана иштейт. Кайрылган адамдардын маселелеринин мазмунуна жараша укуктарды ишке ашыруу

жөнүндө маалымдоо, укук маселелери боюнча консультациялоо иштери жүргүзүлөт. Ошондой эле укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө адистер тарабынан жардам берилип, жарандардын кайрылуулары мэриянын тиешелүү комиссияларында каралат. “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КРнын Мыйзамынын талаптары сакталат, арыздардын өз убагында жана сапаттуу аткарылуусу көзөмөлгө алынат. Коомдук кабылдамага кайрылгандардын саны 2022-жылдын август айынан 2023-жылдын августуна чейин **130,** а.и балдарга байланыштуусу маселеси барлар 20.

Таблица 13

**Консультациялык –укуктук жардам берүүнүн көрсөткүчтөрү**

| № | Кайрылуунун Мазмуну | саны | А.и.балдарга тиешелүүсү | Аткарылышы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер тилке алуу жана турак жай маселеси | 70 | 4 | укуктук мүнөздөгү документ даярдоого жардам берилди. |
| 2 | Асырап алуу маселеси б-ча | 1 | 1 | Документ даярдоого жардам берилди. |
| 3 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүк алып б | 1 | 3 | Документ даярдоого жардам берилип, күбөлүктөр алынды. |
| 4 | Бала талашуу | 3 | 3 | Укуктук жардам берилди. |
| 5 | Бала бакчага орноштуруу | 3 | 3 | укуктук мүнөздөгү жардам берилди. |
| 6 | Турмуштук оор кырдаалдан чыгуу маселелери | 30 | 4 | укуктук мүнөздөгү документ даярдоого жардам берилди. |
| 7 | Жер талашуу маселелери | 20 | - | Сервитут ыкмасында пайдаланууга келишишти |
| 8 | Жумушсуздук маселелери | 2 | 2 | Вакансиялар боюнча маалыматтар берилди |
| | Жалпы | **130** | **20** | |

2023-жылдын 1-июлуна карата калктын 6105 адамын же 22,2% ын 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштар түзөт. Алар тарабынан, Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине 2023-жылдын 1-августуна чейин 3 кылмыш иши катталып, тергөөнүн жыйынтыгы менен 3 иш кылмыштын курамы жок болгондуктан өндүрүштөн кыскартылган. Ал эми 2022-жылдын 1-августунан 31-декабрына чейин 7 кылмыш катталып, тергөөнүн жыйынтыгында 4 иш кыскартылган жана соттун кароосуна 3 кылмыш иши жөнөтүлгөн, ага 3 эркек (анын ичинде 1 өспүрүм) катышкан. Кылмыштардын ичинде киши өлтүрүү, денеге оор жаракат келтирүү, каракчылык, баңги заттары менен байланышкан кылмыштар жок.

**Кылмыштар мүнөзү боюнча төмөндөгүчө:**

| № | кылмыштар | саны | Катышкандар | эркек | кыз | жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | зордуктоо | 2 | 2 | 2 | - | 8 жылга соттолду |
| 2 | уурулук | 1 | 1 | 1 | - | Айып салынды |
| | жыйынтык | 3 | 3 | 3 | - | |

**Негизги көрсөткүчтөр:**

| № | 14-18 жашка чейинкилер саны ( Ж) | кылмыштар саны | катышкандар саны (С) | 1000 адамдын арасынан кылмыш жасаган жаштардын санынын көрсөткүчү – Or =(С/Ж)*1000 |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 6105 | 3 | 3 | 0,49 |

Кылмыш кылганга шектелген ар бир баланын тартиби, ата-энесинин жоопкерчиликтери, мектеп мугалимдеринин балдарды тарбиялоо боюнча милдеттери Балдар иштери боюнча комиссияда каралып, балдар менен иштөө пландары түзүлгөн. Бүгүнкү күндө ЖЖИ (ИДН) каттоосунда 3 өспүрүм турат. Аларды билим берүү мекемелери жана жашы жетпегендердин инспектору көзөмөл кылып турат жана аларды коомдук иштерге тартуу каралган.

## Жашы жете электерге каршы кылмыштар

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине 2023-жылдын 1-августуна чейин 1 кылмыш иши катталган. Ал эми 2022-жылдын 1-августунан 31-декабрына чейин дагы 1 кылмыш катталган жана соттун кароосуна жөнөтүлгөн, ага 2 эркек катышкан.

**Негизги көрсөткүчтөр:**

| № | 0-18 жашка чейинки балдар саны ( Ж) | кылмыштар саны (С) | 0-18 жашка чейинки 1000 адамга карата жасалган кылмыштардын көрсөткүчү – Or =(С/Ж)*1000 |
|---|---|---|---|
| 1 | 11551 | 2 | 0,17 |

## Ала качуу жана эрте куракта баш кошуу

Ала качуу - кылмыш экендиги жана эрте куракта никегетуруунун кыздардын социалдык укуктарынын корголбой калышына алып келери тууралуу өспүрүрүм кыздарга “Эрте кош бойлуулук”, “Ала качуу”, “Эрте никеге туруу”кесепеттери жөнүндө жыл сайын тарбиялык иш-чаралар өткөрүлүп келет. Жаштар кеңеши, аялдар кеңеши дарыгер айымдар менен бирге “Кыздарга 40 кеңеш” китепчесин даярдап кыздарга таркатышкан. Репродуктивдүү ден-соолукту сактоо боюнча кеп-кеңештер берилип, эрте никеге туруунун алдын алуу иш-чараларын өткөрүшкөн. Кара-Көл шаарынын аймагында ала качуу фактысы жана эрте куракта баш кошкондор жок. Андыктан мажбурлап турмуш курууга байланышкан кылмыштар жана жашы жете электе никеге тургандар 2022-жылы жана 2023-жылы катталган эмес.

## Балдар менен жаштар үчүн коопсуз шаар

Шаарда ар бир мектеп окуучусу өзүн коопсуз деңгээлде сезе тургандай коомдук тартипти камсыз кылуу үчүн ар бир мектептерде онлайн режимде видеобайколор орнотулган. Мектеп жетекчилери, билим берүү бөлүмүнүн башчысы видеобайкоону көрө алышат. Ошондой эле бардык мектептерди көрүүгө мүмкүндүк берген чоң монитор мэриянын 1-кабатында фойеге орнотулган.



*Сүрөт 32. Мектептердеги видеобайкоолор*

Балдарга – жаштарга байланышкан иш-чараларды өткөрүүдө балдардын ой-пикирлерин билүү үчүн жаштар кеңеши, жаштар иштери боюнча консультативдик кеңеши, мектеп парламенттери менен өнөктөштүк менен Google форма аркылуу сурамжылоо февраль айында жүргүзүлгөн, ага 947 адам катышкан




“Сага өз шаарыңда жашоо коопсуз экендиги чынбы?” деген суроо менен 14 жаштан 19 жашка чейинки курактагылар арасында интерактивдик режимде жүргүзүлгөн сурамжылоого 939 бала катышкан, анын 61,0 % кыздар, ал эми 39,0% эркек балдар болгон.



Сурамжылоонун жыйынтыгында балдардын 55,5%ы Кара-Көл шаарында жашоо коопсуз экендигине макулмун, ал эми 35,4% жарым-жартылай макулмун, 9,2% макул эмесмин деген жообун билдиришкен.

## 2.4. Билим берүү жана өнүгүү

### Мектепке чейинки тарбия жана окуу

Шаарда мектепке чейинки билим берүүчү 5 мекеме бар, алар мамлекеттик – 3, ведомстволук-1 жана жеке менчик “Золотой улей” бакчалары. Алар Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү” Мыйзамына ылайык “Мектепке чейинки билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун” негизинде иш алып барышат. Шаардык салык кызматы, Панфилов көчөсүндөгү бала бакчанын имаратында жайгашкан. Сабиров көчөсүндөгү бакчанын имаратында Аскер бөлүгү жайгашкан, соттун чечиминин негизинде мэриянын карамагына өткөн. Бирок, аскер бөлүгү имаратты бошото элек, алар Токтогул ГЭС, Курп-Сай ГЭС, Камбар-Ата ГЭС ж.б стратегиялык объекттерди кайтарышат.



*Сүрөт 33. “Золотой улей” бала бакчасынын мүдүрү Р.Жайлообаева*

Ал эми Чоң-Таш айылындагы башталгыч мектеби оптимизацияга кирип жабылгандыктан, бошогон имаратта “Келечек” балдар бакчасынын филиалы б.а 30 балага тайпа 2022-жылы сентябрда ачылды.



*Сүрөт 34. “Келечек” бала бакчасынын кошумча тайпасынын ачылышы*

Шаарда мектепке чейинки билим берүүчү 5 мекемеде 1116 бала тарбияланууда. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ичинен:

- мамлекеттик – “Келечек” балдар бакчасы, “Баластан” балдар бакчасы, “Байчечекей” балдар бакчасында жалпы – 737 бала камтылган.
- жеке менчик – “Золотой улей” балдар бакчасында 81 бала камтылган.
- ведомстволук – Токтогул ГЭС каскады мекемесине караган “Шүүдүрүм”балдар бакчасында 298 бала камтылган.

Таблица 14

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барган балдардын саны**

| № | Жылдар: | бардыгы | Анын ичинен | | 3-6 жаштагы балдар саны | Камтуу % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | балдар | кыздар | | |
| 1 | 2021 | 1116 | 554 | 562 | 2403 | 46,4 |
| 2 | 2022 | 1115 | 558 | 557 | 2374 | 46,9 |
| 3 | 2023 | 1116 | 559 | 557 | 2847 | 39,2 |

“Келечек” балдар бакчасы, “Баластан” балдар бакчасы, “Байчечекей” балдар бакчасы, “Росинка” балдар бакчасы, “Золотой улей” балдар бакчалырынын жылытуу системалары борборлоштурулган жылуулук системасынан берилет. Мында, 1517 баланын ордуна 1116 бала билим , тарбия алып жатышат. Ал төмөнкү көйгөйлөрдүн себебинен:

-“Келечек” бала бакчасында 1 группанын ордун музыкалык мектеп ээлеп турат.

-“Баластан” бала бакчасында 2 группанын ордун шаардык архив ээлеп турат.

-“Золотой улей” бала бакчасы жайгашкан имаратта 8 группанын ордун шаардык сот менен салык кызматы ээлеп турат

Таблица 15

**Балдардын бакчаларга бөлүнүшү боюнча сандык маалымат**

| № | МЧББУнун аталышы | Кубаттуулугу | балдар саны | Тарбиячы саны | Тайпанын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Баластан” | 360 | 330 | 20 | 10 |
| 2 | “Келечек” | 360 | 320 | 20 | 10 |
| 3 | “Байчечекей” | 140 | 87 | 6 | 3 |
| 4 | “Росинка” | 297 | 298 | 22 | 11 |
| 5 | “Золотой улей” | 360 | 81 | 8 | 4 |
| | Шаар боюнча: | 1517 | 1116 | 76 | 38 |

Өз багытында пайдаланбаган жогорку имараттарды бошотуу боюнча мэрия тарабынан иштер жүрүп жатат. Эгерде имараттар бошосо дагы 330 бала, бала бакча менен камсыз болмок. Ал эми бүгүнкү күндө бакчага туруу кезегинде 600 бала катталып турат. Ал эми МЧББУна келип жаткан балдардын жыштыгы боюнча айта турган болсок, 100 баланын ордуна 103 бала келип жатат. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык кабыл алынган 3-5-жашка чейин “Балалык” программасы, ал эми 6-7-жаштагы

мектепке барбаган балдар мектепке чейинки билим берүү уюмунда, калгандары мектепте “Наристе” (480-саатык) мектепке даярдоо программасы боюнча окушат.Кара-Көл шаары боюнча жалпы 218 бала “Наристе” программасы менен мектепте окуйт. Анын ичинен:

- окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөнү – 6 класс, 130 бала.
- окутуу орус тилинде жүргүзүлгөнү –3 класс, 88 бала.

Таблица 16

**480 сааттык программа менен окутулуп жаткан балдардын саны**

| **№** | **Кара-Көл шаары** | **Мектептердин базасында** | **МЧББУнын базасында** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021 | 206 | 144 | 350 |
| 2 | 2021-2022 | 214 | 144 | 358 |
| 3 | 2022-2023 | 219 | 120 | 336 |

Даярдоо программасы менен окуган балдар мектепке келип билим алууга даярдыктан өтүшөт. Мектепке 1-класска келгенге чейин мугалим, мектеп, китеп, дептер, калемсап деген окуучуга тиешелүү сөздөрдү түшүнүп, билим алууга жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөнүшөт.

Шаардык маданият болумүнө караштуу борборлоштурулган китепканада “Балдарды өнүктүрүү борбору” 2021-жылы ачылган, анда 7 жашка чейинки 27 бала жумасына 3 жолу 2 сааттан ата-энеси менен келишип, мектепке чейинки билим алып кетишет.



*Сүрөт 35.Балдарды өнүктүрүү борборунда*

Таблица17

**Мектепке чейинки билим берүү менен камтылгандар**

| | 3-6 жаштагы балдар саны | Бала бакчаларда | 480 сааттык программа мектеп базасында | Балдарды өнүктүрүү борборунда | Камтуу % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2847 | 1116 | 219 | 27 | 47,8 |

## Орто билим берүү

Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн карамагында 6 орто мектепте 2022-2023-окуу жылында 197 класс- комплектиде 5574 окуучу билим алышты. Алардын ичинде башталгыч билим берүү баскычында 88 класс комплектисинде 2572, негизги билим берүүчү баскычында 89 класс

комплектисинде 2509, орто билим берүүчү баскычында 20 класс комплектисинде 493 окуучу камтылган.

1. №1 Токтогул атындагы мектеп-гимназиясы 1965-жылы курулган типтүү жана проекттик кубаттулугу 850 окуучу орунга ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 1470 окуучу билим алууда.
2. №2 Түлөбердиев атындагы жалпы билим берүүчү инновациялык мектеби 1967-жылы курулган, имараты типтүү жана проекттик кубаттуулугу 640 окуучулук орунга ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 1062 окуучу билим алууда.
3. №3 Фрунзе атындагы орто мектеби 1984-жылы курулган,имараты типтүү, проекттик кубаттуулугу 720 окуучулук орунга ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 1852 окуучу билим алууда.
4. Шопоков атындагы №4 жалпы билим берүү орто мектеби 1984-жылы курулган, имараты типтүү, проекттик кубаттуулугу 635 окуучулук орунга ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 647 окуучу билим алууда.
5. №5 Хуриев атындагы орто мектеби Камбар-Ата поселогунда жайгашкан. Бул мектеп 1991-жылы курулган, имараты типтүү, кубаттуулугу 320 окуучулук орунга ылайкталган. Бүгүнкү күндө 322 окуучу билим алууда.
6. №6 Темиров Туралы атындагы мектеп 1997-жылы 128 окуучуга ылайыкталып типтүү мекеме катары курулган. Азыркы мезгилде 221 окуучу билим алууда.

Таблица 18

**Окуучулардын санынын өсүшү**

| **№** | **Класстары** | **Класстардын саны** | **Жалпы окуучулардын саны** | **Кыздары** | **Балдары** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021 | 5574 | 5493 | 2840 | 2653 |
| 2 | 2021-2022 | 195 | 5500 | 2735 | 2768 |
| 3 | 2022-2023 | 197 | 5574 | 2793 | 2781 |

Мектептердеги “Алтын тамга ” артыкчылык аттестатын алган бүтүрүүчүлөр жөнүндө маалымат2023-жылдын 25-апрелинде “Алтын тамга” артыкчылык аттестатына тестирлөө өткөрүлүп жыйынтыгында төмөндөгү 2 окуучу “Алтын тамга” артыкчылык аттестатына ээ болушат.

Таблица 19

**“Алтын тамга” артыкчылык аттестатынын ээлери**

| **№** | **Мектептин аталышы** | **Окутуу тили** | **Окуучунун аты-жөнү** |
|---|---|---|---|
| 1 | Фрунзе атындагы №3 жалпы орто билим берүү метеби | орус | Маматаева Уларкан Медербековна |
| 2 | Ч.Түлөбердиев атындагы №2 жалпы билим берүү инновациялык мектеби | кыргыз | Акылбекова Айжамал Алмазбековна |

Таблица 20

**Жалпы республикалык тестирлөөдөгү көрсөткүчтөр боюнча маалымат**

| № | жылдары | Орточо балл | Катышкан окуучулар | Анын ичинде | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | бала | кыз |
| 1 | 2021 | 120,3 | 178 | 92 | 86 |
| 2 | 2022 | 116,0 | 220 | 104 | 116 |
| 3 | 2023 | 118,0 | 219 | 93 | 126 |

Жалпы республикалык тестирлөөдө эң жогорку балл 208 болду. Шаарда 6 мекеме орто билим берет. 4 мектепте окутуу 2 тилде жүргүзүлөт. Окуучулардын дене боюнун өсүшүнө ысык тамак негизги таасирин тийгизгендиктен, мектептерде ысык тамак уюшулган. Ысык тамак ичип жаткан окуучулардын саны – 2572.

Областтык олимпиада 2023-жылдын 26-февралынан 1-мартына чейин Жалал-Абад шаарындагы Курманбек баатыр балдар лицейинин базасында өтүп, шаардагы жалпы билим берүүчү мектептердин 9-10-11 класстарынын окуучуларынын 1-2-орунду алган 24 окуучу катышып, жыйынтыгында 1 окуучу 1 даражадагы диплом менен жана 1 окуучу 3-даражадагы диплом менен сыйланды.Фрунзе атындагы №3 жалпы орто билим берүү мектебинин төмөнкү жеңүүчүсү 2023-жылдын 21-мартынан 26-мартына чейин Бишкек шаарындагы Ч.Айтматов жана Айчурок атындагы сапат лицейлеринин базасында өткөн Республикалык олимпиадага катышып келди:

Таблица 21

| **№** | **Окуучунун Ф.А.А.** | **Предмети** | **Ээлеген орду** | **Окутуу тили** | **Мектептин аталышы** | **Окуткан мугалими Ф.А.А.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абдыкапарова Тургунай Бактыбековна - 11-класс | Англис тили | 2 | Орус тили | Фрунзе атындагы №3 жалпы орто билим берүү мектеби | Алиоглы Марина Хизировна |

## Балдардын жана жаштардын өнүгүүсү

Шаардык билим берүү бөлүмүндө 2 мектептен тышкаркы мекеме бар, алар:Ч.Айтматов атындагы Балдар чыгармачылык үйү (БЧҮ) жана Балдар жана өспүрүмдөр спорт мектеби (БСӨМ). Ошондой эле шаардык маданият бөлумунө караштуу Балдар искусство мектеби бар.

Аларда 1484 бала билим алышат. Бул жалпы окуучулардын 27% түзөт. Эң негизги максаттардын бири бүгүнкү күндө бул окуучуларды кошумча билим берүүгө тартуу. Мектептен сырткары мекемелерде ийримдер, спорттук секциялар иштөөдө. Балдардын саны 2022-жылга караганда 2023-жылы 30 балага көбөйдү. Ал секцияларга 100% бала мектеп жашында тартылган.

Балдар чыгармачылык үйүндө 2022/2023-окуу жылынын сентябрь айынан баштап, 22 ийрим бекитилип толугу менен иштей баштады. Жалпы ийримге катышкан окуучулардын саны 967 окуучуну түзөт.Алардын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгүгү чектелгендер 23 бала, алар “Тамчы” ийриминде 10 бала жана “Күн балдары” ийриминде 13 бала.Ийримдер эки сменада, орус жана кыргыз тилиндеөтөт.Балдар искусство мектебинде 100 бала билим алышат.

Таблица 22

| № | Балдар чыгармачылык үйү | | |
|---|---|---|---|
| | БЧҮнүнкызматкерлеринин Аты- жөнү | Ийримдердин аталышы | Бал. саны |
| 1 | Бердимуратова Гүлжан Калпакбаевна | “Фрактал” жогорку математика | **30** |
| 2 | Базаркулова Нуржамал Кубатбековна | “Өрнөк” башталгыч математика | **30** |
| 3 | Кемербек кызы Зарингис | “Дизайнер стилист” | **30** |
| 4 | Жусупбекова Рахат Райымбековна | “Step by step” Англис тили | **73** |
| 5 | Бечелова Элиза Жоомартбековна | “Жаратылыш жана фантазия” | **65** |
| 6 | Кармышакова Гүлсайра Асылбаевна | МЧД “Тамчы” ийрим. | 14 |
| 7 | Зыякулова Курбу Керезбековна | “Күн балдары” ийрим | **12** |
| 8 | Чокоева Токтокан Чокоевна | “Токуу” ийрими | **37** |
| 9 | Култаева Айпери Медетбековна | “Келечек” бий ансамбли | **80** |
| 10 | Асанбекова Анаркан Ташыбаевна | “Жаш математик” | **46** |
| 11 | Мусуралиева Тамара Казыбековна | “Чебер колдор” ийрим. | **45** |
| 12 | Маметова Чолпон Данияровна | “Көркөм өнөр” | **45** |
| 13 | Матназарова Жибек Досбаевна | “Экология жана химия” | **71** |
| 14 | Маматова Бегайым Нурказыевна | “Лингвист” | **48** |
| 15 | Голубева Мария Владимировна | МЧД “Радуга” | **30** |
| 16 | Чеченбекова Дамира Дайыровна | “Гений менталдык арифметика” | **66** |
| 17 | Чеченбекова Дамира Дайыровна | “Тез окуу” ийрим. | **20** |
| 18 | Чыназылова Жайкал Чыназыловна | Орус тили | **34** |
| 19 | Бердимуратова Айжамал Калпакбаевна | Түрк тили “Акылдуу балдар” | **30** |
| 20 | Нусубалиев Бакдөөлөт | Комуз | **68** |
| 21 | Аскеева Элиза | English school | **45** |
| 22 | Досалиева Асел Равшанбековна | Алтын кол | **22** |
| 23 | Калпакбаев Дастан | Жаш техник | **23** |
| | **Жалпы** | | **964** |

Ал эми Балдар, өспүрүмдөр спорт мектебинде спорттун 6 түрү боюнча 18 секция иштейт, ага 420 бала катышат. Шаардык спорткомплексте футбол, эркин күрөш, алыш күрөш, тогуз коргоол, бокс, волейбол, түрлөрү боюнча машыкканга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Таблица 23

| № | Балдар өспүрүмдөр спорт мектеби | | |
|---|---|---|---|
| | БЧҮнүнкызматкерлеринин Аты- жөнү | Ийримдердин аталышы | Бал. саны |
| 1 | Назарбеков Абдылас | Эркин күрөш | **70** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Назарбеков Марс | Эркин күрөш | **30** |
| 3 | Медербек уулу Азамат | Алыш-күрөш | **50** |
| 4 | Джурабаев Жеңиш | Волейбол | **30** |
| 5 | Култаев Адилет | Волейбол | **20** |
| 6 | Мамытов Бексултан | Волейбол | **20** |
| 7 | Аманбай уулу Нуржигит | Волейбол | **20** |
| 8 | Карыпбаев Алмаз | Волейбол | **20** |
| 9 | Шүкүралиев Кочон | футбол | **70** |
| 10 | Иличбеков ИИльяз | футбол | **30** |
| 11 | Култаев Бакыт | бокс | **20** |
| 12 | Муратов Самаган | Тогуз коргоол | **15** |
| | Жалпы | | **420** |




*Сүрөт 36. Комузчулардын сыйлыктары*



*Сүрөт 38. Комузчулар - Ратбекова Назира жана Керимкулов Бекжан*


Ч.Айтматов атындагы балдар чыгармачылык үйүнүн тарбиялануучулары шаардык, областтык, республикалык, эл аралык кароо сынактарга катышып жыл сайын байгелүү орундарды ээлеп келишет**.**

Чолпон –Ата шаарында  Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте Балдардынжана өспүрүмдөрдүн улуттук "Сейтек" борборунун**"Менин Мекеним - Кыргызстан" XV эл аралык чыгармачылык фестиваль –сынагында**Кара-Көл шаардык балдар чыгармачылык үйүнүн "КЕЛЕЧЕК" комузчулар ансамбли"Алтын балалык","Көйрөң күү" күүлөрү менен элдин жүрөгүнөн түнөк таап XV эл аралык  фестиваль сынагында2-орунду багындырды. Ратбекова Назира (12-16 жаш курак арасында) 1-орунду, "Мыкты күү" номинациясын ал эми 9-12 жаш курак арасында Керимкулов Бекжан 2-орунду багындырды. Жетекчиси Нусубалиев Бакдөөлөттүн талантын баалап "Мыкты жетекчи" номинациясын беришти.




*Сүрөт 37. Келечек бийчилер тобунун  сыйлыктары*

Ошондой  "КЕЛЕЧЕК" бий ийриминде ортоңку топ (9-12 жаш) 1-орунду,  12-16) жаш курак жогорку топ арасында 2-орунду багындырышты.



*Сүрөт 39. Келечек бийчилер ансамбли*

Шаардык спорткомплексте спорттун күрөш, женил атлетика, волейбол, баскетбол түрлөрү боюнча машыкканга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Жаштар арасында дени сак, сергек жашоону пропагандалоо максатында, Кара-Көл шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмү, балдар жана өспүрүмдөр спорт мектеби спорттун волейбол, футбол, эркин күрөш, алыш күрөш, кол күрөш, шахмат, ордо, бокс түрлөрү боюнча шаардык-11, областтык-2, республикалык-18, эл аралык-14, азиялык-1, дүйнөлүк-1 жалпы 47 мелдешке шаардын 600дөн ашык жаштары катышып келишкен. **«Мектеп Лигасы» окуучулар арасында өткөрүлүп,** Кара-Көл шаарында өткон турнирде 1-орунду ээлеген командалар Жалал-Абад шаарына барышты, областтык турнирден байгелүү орундарга ээ болушту.



*Сүрөт 40. Волейболдон 1-орунга ээ болгон А.Карыпбаевдин командасы*

Футбол боюнча областтык мелдеште тренер Кочон Шүкүралиевдин командасы 3-орунга ээ болду.



*Сүрөт 41. Тренер К.Шүкүралиев командасы менен*


Алыш күрөш ийриминин катышуучулары областтык мелдеште Аттокуров Бакдөөлөт 1-орун, Сабырканов Ислам 2-орунга ээ болушту,тренери Медербек уулу Азамат.



*Сүрөт42. Алыш-күрөштүн жеңүүчүлөрүАттокуров Бакдөөлөт , Сабырканов Ислам*

Бокс боюнча Кыргыз Республикасынын чемпионатында Арууке Камытбекова жана Рамзан Жаныбеков 1-орунду ээлешкен, тренери Култаев Бакыт.




СДЮШОР
ДИПЛОМ
ЗА ЗАНЯТОЕ [illegible] МЕСТО
В ОТКРЫТОМ ПЕРВЕНСТВЕ СПЕЦИАЛИЗИРОВАННОЙ ДЕТСКО-ЮНОШЕСКОЙ ШКОЛЫ ОЛИМПИЙСКОГО РЕЗЕРВА ИМ. И.РАЗЗАКОВА ПО БОКСУ СРЕДИ КАДЕТОВ, КАДЕТОК И ЮНИОРОВ
НАГРАЖДАЕТСЯ
Директор СДЮШОР им.И.Раззакова: Акинов Ч.К.


Диплом
Награждается
Камытбекова Аруузе
за занятое II место
в соревновании по боксу среди юношей 2006-2007, 2008-2009, 2010-2011 гг.
«Кубок Challenger 2022»
Директор ОФ развития спорта «Челленджер» Ахметов И. А.


*Сүрөт43. Аруукe Камытбекованын сыйлыктары*

Балдар искусство мектебинин окуучулары Сольфеджио, музыканын теориясы жана композиция боюнча 1-Республикалык олимпиадага катышып, байгелуу орундарга ээ болуп кайтышты. Алар фортепиано классы боюнча мугалими Н.П Нестерованын окуучулары: Арстаналиева Гулзада - 1 – орун, Наватова Керемет, Мадамирова Мээрим - 2 – орунга ээ болушту. Ал эми комуз классы


Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги
Мураталы Куренкеев атындагы Кыргыз Мамлекеттик музыкалык окуу жайы
...ьфеджио, музыканын теориясы жана композ... боюнча I Республикалык олимпиада
II ДАРАЖАДАГЫ ДИПЛОМАНТ
«Бир үндүү интонациялоо» номинациясында ...а-Көл шаарындагы балдар искусство мектебинин о...
МАДАМИРОВА МЭЭРИМ
СЫЙЛАНАТ
Мугалими: Нестерова Н.П.


Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги
Мураталы Куренкеев атындагы Кыргыз Мамлекеттик музыкалык окуу жайы
Сольфеджио, музыканын теориясы жана композиция боюнча I Республикалык олимпиада
I ДАРАЖАДАГЫ ДИПЛОМАНТ
«Бир үндүү интонациялоо» номинациясында Кара-Көл шаарындагы балдар искусство мектебинин окуучусу
АРСТАНАЛИЕВА ГҮЛЬЗАДА
СЫЙЛАНАТ
Мугалими: Нестерова Н.П.
Бишкек 2023

боюнча Кудайбергенова Сажиракан Жуманалиевнанын окуучулары:Аскарова Айгул жана Каптагаева Аиза 3- орунга ээ болушту. Аларга 1-2-3-даражадагы дипломдору менен сыйланып Ысык-Көлгө жолдомо белекке берилди.



*Сүрөт44. Байге ээлеринин сыйлыктары*

## Балдарды жана өспүрүмдөрдү коомдук иштерге тартуу


Жаштардын турмушка болгон көз карашынын жакшы жакка өзгөрүшү, рухий нравалык баалуулуктарынын, өз элинин патриоту болуп калыптанышына көптөгөн иш-чаралардын өткөрүлүшү түрткү берет. Жыл сайын мектеп окуучулары жана жаштар шаардык иш-чараларга катышышат. Жаштар активдүүлүгүн көрсөтүп шаарда “Жаштар кеңеши”, “Жаштар иштери боюнча консультативдик кеңеши” коомдук уюмдарына биригишип, жаштардын кызыкчылыгына байланышкан шаардык днгээлдеги иш-чараларды өткөрүүгө “Мектеп парламенттери” менен биргеликте активдүү катышышат.




*Сүрөт 45. Мамлекеттик Туу күнүн белгилөө*

Ак-калпак күнүн жана туу күнүн белгилеп 3-мартта улуттук баш кийимдин баалуулугун даңазалап Кыргыз Республикасынын Туусун көтөрүп максатында, жаштар арасында патриоттук флешмоб-жөө жүрүш өткөн. Жөө жүрүшкө 6-7-8-9 класстардын окуучуларынан 200 бала катышышты.

“Кыздар коомдун күзгүсү” темасында волейбол мелдеши кыз-келиндер арасында 6 команда ортосунда 5-мартта өттү.Күйөрмандардын колдоосу менен мелдеш кызыктуу жана көңүлдүү өттү.Маданият кызматкерлери ачылышында музыкалык номерлер менен колдошту.



*Сүрөт46. Кыз-келиндер арасындагы волейбол мелдеши*





*Сүрөт 47. Ишембиликтерге катышуу*

.Ишембиликтерге, тазалык акцияларына апрель, май жана сентябрь айларында жаштар катышып турушту. 2023-жылдын 11-май айында Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарында Жогорку



кеңештин депутаты Сулайманов Эльдар Нурланович жана Оморова Дамира Алиевна менен жаштар арасында жолугушуу өткөрүлдү . Жолугушууга мектеп окуучулары жана шаардык кеңештин депутаттары катышышты.

Жолугушуунун негизги темасы "Жаштар жана Миграция".Күтүлбөгөн жерден Кара-Көл шаарынын жаштар кеңешинин атынан "Балдардын сынагына сынбайсынбы"аттуу иш чара сунушталып конкурс болду. Конкурстун шарттары боюнча иш чарада окуучулар суроолорун берип конокторубуз так туура жооп беришти . Сынактын жыйынтыгында акыл насааттар сунуштар айтылып Сулайманов Эльдар агайыбыз мыкты суроо сунуштарды айткан окуучуларга китептерди белекке берди. Жагымдуу маанайда жолугушуу жана сынак жыйынтыкталды.

Ар жылы 2007-жылдан баштап жай мезгилинде июль айынан тартып сыйымдуулугу 160 орунду түзгөн “Кайыңды” балдар эс алуу борбору (лагерь) ишке кирет. Борбор 2007-жылы мэрия тарабынан 1-жолу уюшулганда 85 бала жайкы мезгилде 1агымда эс алышкан. Ал убакыттан бери карай жыл сайын балдардын жайкы эс алууга барган саны көбөйүүдө. Акыркы жылдары 4 агымда борбордо 600дөн кем эмес бала эс алышат. Ар бир агымда 200 гө жакын бала кабыл алынат. 2022-жылы 773 бала 4 агымда 7 күндөн эс алышса, 2023-жылы 796 бала эс алышты. .Балдардын суроо талабы эс алууга дайыма өсүп келет. Ар бир агымда балдар ой максатын тактоо, достукка,

патриоттулукка тарбиялоо жана өз убактыларын туура пайдаланып, ден-соолуктарын чыңдоого 7 күнгө созулган эс алууда чыгармачылык дараметтери ачылат.



*Сүрөт 49. "Кайыңды" балдар эс алуу борборунун агымынын ачылыш аземи*



*Сүрөт 50. "Кайыңды" балдар эс алуу борборундагы концерттик арена*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынганына 30 жылдыгына карата салтанаттуу иш-чара маданият үйүнүн аймагындагы Токтогул аянтында өттү. Салтанаттуу иш-чаранын соңунда шаар аймагында жайгашкан №7706 Аскер бөлүгүндөгү жаш жоокерлер ант беришти. Иш-чарага мекеме жетекчилеринен тышкары жогорку класстардын окуучулары, Жаштар кеңешинин мучөлөру катышты.Иш-чарада Конституциянын мааниси тууралу жаштарга маалыматтар берилди. Тарых мугалими М.Баимбетов мазмундуу доклад жасады.




*Сүрөт 51 .Конституция күнүн салтанаттуу белгилөө*

Шаардыктардын жашоосунда  жайкы эс алуу “Комсомол” көлүндө жана Энергетик эс алуу багында өтөт. Комсомол көлүндө жаштар сууга түшүп эс алышат. Курман Айтмайрамында28-июньда  эс багында чоң майрам өттү. Уюштуруучуларга ыктыярчылар тобу жардам беришти. Майрам оюн-зоок менен коштолду.Мында балдар спорттук жарышуу, ырдоо, бийлөө сынактарына катышты жана белектерди алышты.




*Сүрөт 52. “Комсомол” көлүндөгү балдардын эс алуусу*

Мэриянын жашылдандыруу үч айлык ишембилигине жаштар апрель, май, июнь айларында активдүү катышты. Шаардын экологиясын жакшыртуу максатында “Таза жерде эс ал”, “Көлмөлөрдү таза күт”, “Ишембиликке активдүү катышалы”, “Таза шаар – менин жашоом” аттуу ишембиликтер өттү.Ошондой эле 15-сентябрь -  Бүткүл  дүйнөлүк тазалык күнүнө карата “Эң таза шаар-Кара-Көл”, “Биз таза шаар үчүн”, “Таштандыларга орун жок”деген ураан менен акция уюштуруп, шаарыбыздагы бардык жаштарды тазалыкка үндөштү, алар октябрь айы ичи ишембиликтерге чыгып турушту. Мектеп окуучулары пластикти бөлүп чогулта башташты. Ошондой эле шаардык кеңештин 22.08.2023ж №137/30-8токтому менен муниципалдык социалдык заказ программасы бекитилди. Анда пластик калдыктарынан экологияны сактоо көйгөйү

камтылган. Тиричилик калдыктарын бөлүп чогултууну калкка үгүттөө маселесин чечүү жолдору боюнча коомдук пайдалуу долбоорго конкурс жарыяланат. Таза шаар болууга кадамдарды таштап, мектептердин короосуна пластик бөтөлкөлөр үчүн контейнерлер коюлду.




*Сүрөт 53. 15-сентябрь - Бүткүл дүйнөлүк тазалык күнүндөгү ишембилик*

Социалдык көйгөйлөрдү алдын алуу максатында кыз келиндер жана жаш өспүрүм кыздар үчүн "Эрте кош бойлуулук", "Ала качуу", "Эрте никеге туруу" маселелеринин оң жана терс жактарын талкуулаган, түшүндүрмө иш чаралар жана семинарлар өткөрүлгөн. Жаштардын кызыкчылыгына байланышкан маселелерди жаштар менен бирге чечүүнү сунуштап мэр менен жаштар 2 жолу жолугушуулары өткөн. Анын натыйжасында жаштардын сунуштарын киргизип "Жаштар менен иш алып баруу" пландары иштелип, аткарууга алынган.



*Сүрөт 54. Мэр менен жаштардын жолугушуусу*

Кыргыз Республикасында 9-сентябрь "Комуз күнүнө" карата флешмоб өткөрүлдү. Анын алкагында залкар комузчулардын өмүр баяны, комузга байланыштуу окуялар, кызыктуу фактылар айтылды.

Ч.Айтматов атындагы балдар чыгармачыл үйүнүн комузчулары жана Балдар искусство мектебинин комузчулары тарабынан 8 күү аткарылды. Мындан тышкары “Аксаамай” жана “Ак тилек” шайыр апалар тобу элдик ырларды аткарышты.

*Сүрөт 55. “Комуз күнү” белгиленди*

*Сүрөт 56. Мамлекеттик тил күнүндө балдардын ыр окуулары*

Кара-Көл шаарында “11-октябрь - Кыздар күнү” өттү. Ага 400 окуучу катышты. Мэриянын алдындагы аянттан ар бир мектептин кыздар, балдары колдоруна “Эне – бүтүндөй бир дүйнө”, “Кыздар коомдун күзгүсү”, “Кыз адеби - кымбат”, “Кыздын кырк чачы улуу”, “Кыргызда кыздын аты улук, кыз сыйлабас макулук” деген накыл сөздөр жазылган плакаттарды ар түрдүү өңдөгү шарларды көтөрүп, шаардын негизги көчөсү болгон Ленин көчөсүнөн Серый көчөсүндөгү

Токтогул Сатылгановдун эстелиги орнотулган аянтка чейин жөө жүрүш жасашты. Эл аралык кыздар күнүнө карата “Кыз жана алтын күз” деген темада сынак өткөрүлдү.



*Сүрөт 57. 11-октябрь – Эл аралык кыздар күнү белгиленип жатат*




“Энергетик” маданият үйүндө 2022-жылдын 15-ноябрында 10-ноябрь –Жаштар күнүнө карата шаардын жаштары үчүн “Жаштар олконун эртенки келечеги жана умуту” иш-чарасы өткөрүлдү. Ага жаштардан 500 адам катышты. Жаштар “Мамлекетибиздин өнүгүшүнө кандай салым кошо алабыз” деген темада жаштарды патриоттуулукка чакырган жана жыл ичинде откорулгон иш-чараларга токтолушту. Жаштарды жергиликт ууоз алдынча башкаруу органдарынын башчылары куттукташты.

Кара-Көл шаарынын мэриясы 2022 жылдын 1-ноябрынан 1-декабрга чейин ВИЧ/СПИД илдетине каршы күрөшүүнүн бир айлык акциясын жарыялады. Ага ылайык “1-декабрь – Бүткүл дүйнөлүк ВИЧ/СПИД илдетине каршы күрөшүү күнүнө” карата Кара-Көл шаарынын ар бир мектебинде СПИД илдетин алдын алуу жана анын жугуу жолдору жөнүндө окуучулар арасында ар түрдүү түшүндүрүү иштери болуп өттү.



*Сүрөт 58. ВИЧ-СПИД илдетине каршы күрөшүү күнү*

Сексуалдык репродукдивдик ден соолук деген теманын ичинде "Жыныстык жол менен берилүүчү инфекциялар", Вирустук гепатит В, Адамдын папиллома вирусу, ВИЧ СПИД боюнча

түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. “Биз теңбиз” темасында жөө жүрүшкө 01.12.2022-жылы 7-аянтчада №89 Кесиптик лицейдин жанынан башталып, “Энергетик” шаардык маданият үйүнө чейин, мектептердин окуучулары колледж, кесиптик лицейдин студенттери, ЖДПБ дарыгерлери, мекемелердин кызматкерлери чыгышты. Жөө жүрүш учурунда окуучулардын жана студенттер дин коопсуздугун жана саламат тыгын сактоо үчүн ШИИБнө, ЖДПБга коштоп жүрүштү.

Кара-Көл шаарынын мэриясы, мектеп окуучулары жана жаштар арасында “5 – декабрь ыктыярчылар күнүнө” карата ыктыярдуу кызматтарды аткарууга чакырып, жаштарды аракетке түртүүчү мотивациялык иш-аракеттерди жүргүзүүнү окуу жайлардын жетекчилерине милдеттендирген жана жаштар кеңеши коомдук уюмун кызматташууга чакырган буйрук кабыл алган. Аны аткаруу максатында ар бир мектепте өспүрүмдөрдүн ыктыярчы топтору түзүлдү. Ар бир мектептен 10 дон кем эмес жогорку класстардын окуучулары шаар аймагында жайгашкан "Мүрөк" фондуна ыктыярчы болуп көмөктөштү. Андан тышкары шаардык ыктыярчылардын демилгелери башка окуучулар тарабынан дагы колдоого алынып, мектептердин айланасын санитардык талапка ылайык тазалап туруу ишембиликтерине жана жашылдандыруу акцияларына 6-11 класстын окуучулары жана мектептин жалпы мугалимдери катышып турушту.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
МЭРИЯ ГОРОДА
КАРА-КУЛЬ

ДИПЛОМ

2022-жылдын жыйынтыгы менен

“2022-ЖЫЛДЫН МЫКТЫ ВОЛОНТЁРУ”
номинациясы

Өкүшов Жеңишбек Зайырбековичке
ыйгарылат

Шаардын мэри: Т.Т.Конкобаев

Токтом №173 30.12.2022-ж.

Ыктыярчылар күнүн белгилеп, маданий иш-чара 5-декабрьда өттү.Анда “Ыктыярчылар кимдер” “Алар эмне жумуш жасай алат” деген маалыматтарды көрсөтмөлүү берүү менен башталып, ар бир мектептин окуучулары тарабынан даярдалган концерттик номерлер менен коштолду. Ыктыярчылар күнү шаарда шаңдуу белгиленди жана Кара-Көл шаарында 5- декабрда “Ыктыярчылардын эл аралык күнү” жана Мүрөк коомдук фондунун жетекчилиги тарабынан грамоталар менен сыйланышты жана жылдын мыктыларын аныктаган “Жаңы жылды тосуу” оюн-зоок иш-чарасында Өкүшов Жеңишбек Зайырбековичке “Жылдын мыкты волонтеру” номинациясы ыйгарылды.




“Мен коррупцияга каршымын” темасында сынак 9-декабрда бардык мектептердеги жаштардын катышуусу менен өттү. Сынактын программасы боюнча катышуучулар эмблема жактап, лозунгдарды айтышып,

коррупцияга каршы чакырык ташталган ырларды окушту.Ошондой эле “Коррупцияга жол жок” темасында үзүндүлөрдү жана музыкалык номерлерди аткарышты. Иш-чара жаш муунду коррупцияга каршы аракеттерге үндөө, коомчулуктун көңүлүн коррупцияга каршы буруу, балдардын чыгармачыл дараметин өнүктүрүү жана патриоттулукка тарбиялоо максатында уюштурулду.

Таблица 21.

**2022-жылдын августунан 2023- жылдын августуна чейин аткарылган иш-чаралардын тизмеси**

| № | Иш-чаралардын аталышы | Өтүлгөн күнү | Катышкан-дардын саны | Демилгечи, аткаруучу |
|---|---|---|---|---|
| **I. Социалдык иш-чаралар** | | | | |
| 1 | Үй-бүлөлүк ынтымак барынан кымбат | 2-7.08.22 | 165 | Аялдар кенеши<br>Жаштар кеңеши |
| 2 | “Мен зомбулукка каршымын “ видеороликтерин тартуу жана элге тартуулоо | 25.08.22<br>13.09.22 | 54<br>450 | КААБ<br>Жаштар кеңеши |
| 3 | Баткенге жардам кайрымдуулук акциясы | 17-20-сентябрь | 100 | Ыктыярчылар тобу<br>Жаштар кеңеши |
| 4 | Аскер бөлүктө ачык эшик күнүн өткөрүлдү | 22.02.23 | 250 | Жаштар кеңеши<br>Мектеп парламенттери |
| 5 | Менин келечектеги кесибим семинары - китепканада | 5.04.23ж | 100 | Борбордук китепкана жамааты. ШБББ, КЛ-89, колледж ЖАМУ |
| 6 | “Мен жана менин укугум” | 10.12.22ж | 150 | Жаштар кеңеши |
| 7 | “Кайрымдуу бол” 1 айлык акциясы өттү | 15.11.22-15.12.22ж | 650 | Жаштар кеңеши<br>Мектеп парламенттери |
| 8 | -“Кыз адеби кымбат” семинары | 06.03.23 | 165 | Жаштар кеңеши |
| 9 | “Эрте кош бойлуулук”, “Ала качуу”, “Эрте никеге туруу” | Апрель 2023 | 120 | Жаштар кеңеши |
| | | | | |
| 10 | “Таза жерде эс ал”, “Көлмөлөрдү таза күт”, “Ишембиликке активдүү катышалы”, “Таза шаар – менин жашоом” | апрель<br>Май<br>Июнь<br>сентябрь | 650<br>700<br>350<br>2000 | Жаштар кеңеши<br>Мектеп парламенттери |
| 11 | Баңги заттарды, прекурсорлордун кесепеттери темасында жолугушуу | 19.05.23 | 500 | ШБББ, Прокурор, дарыгер |
| 12 | Зомбулукка каршыбыз | Ноябрь-2022<br>Февраль<br>Март 2023 | 400<br><br>200<br>200 | Жаштар кеңеши, ШБББ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | Балдарга жаңы жылдык белек берүү | 25.12.22 | 250 | Мэрия, Жаштар кеңеши |
| **II. Саясий иш-чаралар** | | | | |
| 1 | Тынчтыкты курууда жаштардын жана ыктыярчылардын орду | 12.08.22 | 10 | Жалал-Абад облусунун жаштары |
| 2 | 3-март – Мамлекеттик Туу күнүн белгилөө | 3.03.23 | 400 | Мэрия, Аскер бөлүк, Жаштар кеңеши, ШБББ |
| 3 | 5-май – КРнын Конституция күнү | 5.05.23 | 500 | Мэрия, аскер бөлүк |
| 4 | “9-май Улуу Жеңиштин 78 жылдыгы” карата “Өлбөс полк” жөө жүрүш | 9.05.23ж | 600 | Жаштар кеңеши Мектеп парламенттери |
| 5 | “ Жаштар жана миграция” темасында жолугушуу | 11.05.23 | 250 | Жаштар кеңеши |
| 6 | “Бош жумуш орундарынын жарманкеси - Кесип тандоого багыт”. | 17.05.23 | 200 | ШЭСКжМБ ШБББ |
| 7 | “Мен коррупцияга каршымын” сынагы | 09.12.22 | 200 | Мэрия, ШБББ |
| **III. Маданий иш-чаралар** | | | | |
| 1 | “Чертебиз элдик күүлөрдү” – Комуз күнүн белгилөө | 09.09. 2022-ж | 400 400 | ШБББ Маданият бөлүмү |
| 2 | “Эне тилим - сыймыгым” көркөм окуу сынагы | 21.09.22 | катышкан – 50 Көрүүчү - 600 | ШБББ Маданият бөлүмү |
| 3 | “Даңктаймын кыргыз тилимди” Мамлекеттик тил күнүн белгилөө | Сентябрь 2022-ж | катышкан – 50 Көрүүчү - 600 | ШБББ Жаштар кеңеши Мектеп парламенттери |
| 4 | Ак калпак күнүнө карата -жөө жүрүш. | 05.03.23 | 250 | Жаштар кеңеши Мектеп парламенттери |
| 5 | Балдарды коргоо күнү | 1-июнь | Катышкан-350 көрүүчү -2000 | ШБББ |
| 6 | Эл аралык кыздар күнү | 10.10.22 | 400 | Жаштар кеңеши Мектеп парламенттери |
| 7 | Жаштар күнүн белгилөө | 15.11.22 | 600 | Жаштар иштери б-ча консультативдик кеңеш |
| 8 | ДМЧА күнүн белгилөө | 3.12.22 | 400 | Мэрия, ШЭСӨБ |
| 9 | Ыктыярчылар күнүн белгилөө | 5.12.22 | 400 | Жаштар кеңеши, ШБББ |
| **IV. Сергек жашоого үндөө иш-чаралары** | | | | |
| 1. | “Кыздар коомдун күзгүсү” темасында волейбол мелдеши | 5.03.23 | Катышкан -50 Күйөрман -150 | ЖИДТСБ Маданият бөлүмү |
| 2 | “Биз дени сак жашоо үчүн!” | 7.04.23 | 400 | Жаштар кеңеши |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | урааны менен жөө жүрүш | | | Мектеп парламенттери |
| 3 | Веложүрүш | 7.04.23 | 100 | Жаштар кеңеши, велоспорт федерациясы |
| 4 | “Жаштардын сынагына сынбайсыңбы” – иш чарасы | 19.05.23 | 120 | Жаштар кенеши |
| 5. | ВИЧ-СПИД илдетине каршы жөө жүрүш | 01.12.22 | 400 | Мэрия, ЖДПБ, ШБББ |
| 6 | Биз СПИДке каршыбыз шоу программа | 01.12.22 | 200 | Мэрия, ЖДПБ, ШБББ |
| | | | | |
| **Жыйынтыгы: 35 иш-чара** | | **Катышкандар саны: 17534** | | |

## 2.5. Чечим кабыл алууга балдардын катышуусу

## Муниципалитеттин аймагында формалдуу жана бейформал жаштардын уюмдары

Кара-Көл шаарында кызыкчылыктары боюнча ар кандай бейформал бириккенжаштар топтору бар, белгилей кетсек: “Тамашоу” - шайыр балдар тобу, “Жаш кыял” - бийчилер тобу,“Жаш мугалимдер тобу”, “Спорт сүйүүчүлөр тобу”, “Мектеп парламенттеринин жетекчилеринин тобу”, “Ыктыярчылар тобу” жана формалдуу биригип мэриянын буйругу менен жоболору бекитилген “Кара-Көл шаарынын жаштар кеңеши” коомдук уюму жаштардын кызыкчылыгын эске алып коомдук иштерди мэрия менен макулдашып бекиткен иш-пландарынын чегинде аткарып келишет. Мэриянын сунушу менен шаардык кеңеш жаштарга бюджет бөлүп беришкен, алар аткарган иштери боюнча депутаттардын шаардык кеңешине отчет берип турушат. Ошондой эле Кара-Көл шаарында жаштар иштери боюнча консультативдик кеңешинин жаны курамы 2022-жылдын 3-октябрындагы мэриянын №450-буйругунун негизинде өз ишин коомдук башталышта ишке ашырган, коллегиалдуу, консультативдик жана жаштар саясаты боюнча кеңешүүчү орган болуп түзүлүп, консультативдик кеңештин жобосу жана курамы бекитилген.

Таблица 22.

**Кара-Көл шаарынын жаштар кеңешинин курамы**

| № | консультативдик кеңештин курамы | саны | Депутат | окуучулар | Коомдук уюмдан | Мамлекеттик кызматкер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыздар | 15 | 1 | 13 | - | 1 |
| 2 | Балдар | 10 | 2 | 5 | 3 | - |
| 3 | Жалпы | 25 | 3 | 18 | 3 | 1 |

Консультативдик кеңештин негизги максаты болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында шаардын жаштарынын кызыкчылыктарын коргоо саналгандыктан, кеңештин курамына ар тармактын кызыкчылыгын коргогон өкүлдөр кирищти. Алар, активист жана сабактарды мыкты өздөштүргөн жана коомдук иштерге активдүү катышкан, шаардын өнүгүүсүнө өз пикирлери бар мектеп парламенттеринин президенттери, гимназия класстардын окуучулары, скайрымдуулук фондунун мүчөсү, жергиликтүү депутаттар жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү.

## Балдарды жана жаштарды чечим кабыл алуу процессине тартуу боюнча ЖӨБОнын чаралары.

Ушул жылдын январь айында жаштар кеңеши мэр менен жолугушуп, шаар ичинде жаштар жана балдар менен иш-чараларды өткөрүү үчүн иш-чаралар планын сунуштап, аларды аткаруу үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Жаштар кеңеши коомдук уюмдар менен биргеликте шаар ичиндеги көйгөйлүү маселелерди талкуулоого катышып турушат. Кара-Көл шаарында балдар жана жаштар менен ар кандай иш-чараларды өткөрүүдө жаштар кеңешинин жана консультативдик кеңештин өкүлдөрү менен биргеликте талкууланып, иш-чаралардын сценарийлери иштелип чыгат. Балдарды коргоо күнүнө карата, Эмгек күнүнө карата, Кыздар күнүнө карата, Бүткүл дүйнөлүк ден-соолук күнүнө карата, Ыктыярчылар күнүнө карата ж.б тематикаларга карата маданий иш-чаралар жөө жүрүш, веложүрүш, флешмоб менен коштолуп өттү. Ошондой эле жайында 800 бала “Кайынды”балдар эс алуу борборунда эс алышты. Балдардын айрым категорияларына акысыз жолдомо берүү маселеси мэриянын алдындагы Балдар иштери боюнча комиссияда каралды.



*Сүрөт 64. Мэр Т.Т.Конкобаев жана Жаштар кеңеши*

Жаштар өзгөрүүгө ар дайым умтулат, бирок алар ага жетишүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Ошондуктан, балдарга – жаштарга байланышкан иш-чараларды өткөрүүдө балдардын

ой-пикирлерин билүү үчүн жаштар кеңеши, жаштар иштери боюнча консультативдик кеңеши, мектеп парламенттери менен өнөктөштүк мамиледе төмөнкүдөй коммуникативдик инструменттерди колдонобуз:

●Жолугушууларды уюштуруп, аларга маалымат берүү менен алардын дагы ой-пикирлерин, сунуштарын угуп, талкуулоого катыштыруу;

●Жаштарга тийешелүү маселелерди кароодо, коллегиалдуу жыйындарга жаштардын өкүлдөрүн катыштыруу;

●Жаштардын социалдык муктаждыктарын аныктоо үчүн кароо-сынак жарыялоо;

●Интерактивдик режимде социалдык баракчалар аркылуу суроолорду кабыл алуу жана жооп берүү. Алардын негизинде иш-чара кабыл алынды.

Жаштар мэр менен керек учурда дайыма жолугушуп турат.Жолугушууда жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин өкүлдөрү, жаштар кеңеши жаштардын бош убактысын пайдалуу жана көңүлдүү өткөрүү маселелери боюнча ой бөлүшөт. Жаштар кеңешинин жана консультативдик кеңештин өкүлдөрү мэриянын коллегиясынын жана шаардык кеңештин сессияларына чакырылып турат жана тийешелүү маселелер боюнча маалыматтарды беришет.Жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин мүчөсү, шаардык кеңештин депутаты Ч.А.Кимсанов мэриянын коллегиясынын мүчөсү болду.

## Жаштардын сунуштарын аткаруу боюнча ЖӨБОныниш-чаралар планы тууралуу маалымат

Шаардын жаштарына ар тараптуу колдоо көрсөтүү, потенциалын ачуу жана аны ишке ашыруу, жаштарды социалдык, экономикалык, саясий жашоого активдүү катыштыруу боюнча жаштар кеңешинин мүчөлөрү мэр менен январь, апрель айында жолугушуп, мэрия жана окуу жайлар менен биргеликте аткарууга иш-чаралардын тизмегин сунушташкан. Мэр жана мэриянын социалдык маселелер боюнча адистери жаштар менен биргеликте талкуулап, иш-чараларды аткаруунун күтүлүүчү жыйынтыктары боюнча пикир алмашышты.Жолугушуунун жыйынтыгы менен 2023-жылдын 12-февралындагы мэриянын №6-буйругу менен “Жаштар менен иш алып баруу” планы бекитилген. Бекитилген иш-чаралар толугу менен аткарылып, жаштардын коомдук иштерге катышуусу жогорулады жана демилгечил жаштар арбыды. Ошондой эле сурамжылоонун негизинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө социалдык заказ программасына долбоор жазууга жаштар активдешти. Муниципалдык социалдык заказ программасына жаштардын сунушу менен тандалып алынган экологияны сактоо долбоору кирди. Анда, шаарды желим калдыктардан тазалоону жарандарга үйрөтүү менен экологияны коргоо маселеси камтылды. Кара-Көл шаарынын аймагында муниципалдык социалдык заказ боюнча 2023-2024--жылга программасы депутаттардын шаардык кеңеши тарабынан 2023-жылдын 22-августунда №137/30-8 токтому менен бекитилди.

Экологияны коргоо жана шаардын тазалыгынсактоо максатында жаштар ишембиликтерге активдүү чыгышты. Билим берүү мекемелеринде жана бала бакчаларда тиричилик калдыктарын бөлүп чогултуу иштери жүрө баштады. Кагаз калдыктарын кайра иштетүүчү ишкерлер менен мектеп жетекчилиги кагаз калдыктарын тапшырууга келишимдерди түзүштү. Жаштар кеңеши жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланышы жана жаштар арасында аткарылган иш-чаралар боюнча депутаттардын шаардык кеңешине маалымат берип, 30.03.2023-ж№117/26-8 токтому кабыл алынды. Жаштарга тиешелүү маселелер мэриянын коллегиаларында жана шаардык кенештин туруктуу комиссияларында каралып турат жана жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин мүчөсү, шаардык кеңештин депутаты Ч.А.Кимсанов мэриянын коллегиясынын мүчөсү.

## Ийгиликтүү окуя – “Кайыңды” балдар эс алуу борборунун үзгүлтүксүз балдарды жайкы мезгилде кабыл алышы .

“Кайыңды” балдар эс алуу борбору “Достук заводу” акционердик коомунун менчигинде болуп, алар балдарга 1992-жылга чейин эс алууну уюштурушкан, андан ары уюштурууга дарамети болбой калган. Андыктан эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында лагер Профсоюздар федерациясынын каржылоосу менен “Нарын ГЭС” ААКнун жана Токтогул ГЭС Каскадынын профсоюз комитеттери аркылуу 2005-жылга чейин иштеген.“Кайыңды балдар эс алуу борбору” курулгандан бери (1985-ж) капиталдык ремонттон өткөн эмес. Жазгы жамгырдан кийин чатырынан суу өтүп, жай мезгилинде балдарды кабыл алууга имарат ремонтту талап кыла баштаган. Ал эми менчигинде болбогон имаратка лагерди убактылуу иштеткендер каржы бөлө алышпагандыктан лагер токтоп калган. Кара-Көл шаарынын мэриясы мекемелер менен бирдикте акысыз ижарага алып 2007-жылдан баштап балдарга эс алууну уюштуруп келет. Кара-Көл шаарынын мэриясы демилгелеп, шаардык кеңештин макулдугу менен сыйымдуулугу 160 балага ылайыкталган “Кайыңды” балдар эс алуу борборун 37,0 млн сомго бөлүп төлөө келишими менен 2016-жылы муниципалдык менчикке алган. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар сынагына катышып, 2021-жылы Кара-Көл шаары 3,0 млн сом утуп алган. Анын эсебинен имараттардын чатыры жабылып, ашканага эмеректер,музыкалык аппаратура жана спорттук инвентарлар алынды. “Кайыңды” эс алуу борборуна баруучу шаардан 10 км аралыкта жайгашкан жолунун дагы айрым бөлүктөрү кооптуу болуп калган. Бүткүл дүйнөлүк Азык-түлүк программасынын колдоосу менен жумушчулардын айлык акылары төлөнүп, материалдык чыгымдар демөөрчүлөр тарабынан каржыланып жолдун кооптуу бөлүгү оңдолду. Быйылкы 2023-жылы имарат үлүштүк грант алуу менен имаратынын эки корпусун (жатакана) ремонттон өткөрүү иши башталды. “Кайыңды” эс алуу борбор 2007-жылы мэрия тарабынан 1-жолу уюшулганда 85 бала жайкы мезгилде 1 агымда эс алышкан болсо, ал убакыттан бери карай жыл сайын балдардын жайкы эс алууга барган саны көбөйүүдө. Акыркы жылдары 4 агымда борбордо

600дөн кем эмес бала эс алышты. Ар бир агымда 200 гө жакын бала кабыл алынат. 2022-жылы 773 бала 4 агымда 7 күндөн эс алышса, 2023-жылы 796 бала эс алышты. Балдардын суроо талабын канаттандыруу үчүн административдик корпус кошумча отряд үчүн жатаканага ылайыкталып жабдылды. Борборду иштетүүгө кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттен, ата-энелердин үлүшүнөн жана профсоюз комитеттерине саткан жолдомолордун эсебинен каржыланат. Жолдомолор акысыз, наркынын 25% жана 50% өлчөмүн төлөө жеңилдиктери менен ата-энеси профсоюз уюмунда катталбаган кардарларга берилет. Балдардын эс алуусуна жыл сайын жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнүп келет жана “Балдардын жайкы эс алуусун уюштуруу жөнүндө” коллегияда маселе каралат жана борборду даярдоо боюнча милдеттер коюлат. Ал эми балдар иштери боюнча комиссияда жеңилдиктер менен жолдомо бериле турган балдардын тизсмеси ар агымда бекитилет. Балдардын суроо талабы эс алууга дайыма өсүп келет. Ар бир агымда балдар ой максатын тактоо, достукка, патриоттулукка тарбиялоо жана өз убактыларын туура пайдаланып, ден-соолуктарын чыңдоого 7 күнгө созулган эс алууда чыгармачылык дараметтери ачылат. “Кайыңды” балдар эс алуу борборунда балдар толеранттуулукка тарбияланышат, ар кайсы мектепте окуган балдар достошуп, алардын мектептер аралык байланышы түзүлөт. Аларга жаштардан түзүлгөн топ барып жаш өспүрүмдөр менен “Кайыңды” балдар эс алуу борборунда “Келечек жаштардын колунда ” аттуу темада чакан тренинг, кызыктуу оюндар жана шаңдуу бийлер менен коштолгон иш-чараларды өткөрүшөт. Балдар ата-эненин көзөмөлүнөн тышкары жашап, өз алдынча болууга үйрөнүшөт. Тарбиячылар ар бир күнгө ар кандай темада мазмундуу программаларды түзүп, ага балдарды активдүү катыштырат. Эс алууга барган балдар “Кайыңды лагер меники, Кайыңды лагер сеники, биз силерге айтабыз, эс алгандар барыбыз, бир тууган болуп кайтабыз” деп ыр ырдашып, лагердин жайында ачылышын чыдамсыздык менен күтүшөт. “Кайыңды” эс алуу борборуна кошуна аймактардан дагы балдар келишет.

Жаркын келечекти түзүүчү жаштар бала бакчадан баштап китепти сүйгөнгө, билимге жетишиши зарыл. Балалыкта досторду күтүп, коомчулукта өзүн алып жүрүүнү үйрөнүп, толеранттуулукка тарбия берген “Кайыңды” эс алуу борборуна барган балдардын саны көбөйүшү **ийгиликтүү окуя** деп эсептейбиз.

# Тыянактар

2023-жылдын 1-июлуна карата шаар калкынын жалпы саны 27460 адам, анын ичинен эркектер 13409 же 48,8% ал эми аялдар 14051 же 51,2%ын түзүшөт. Калктын 96,3% кыргыз улутундагылар, 2,1% орус улутундагылар, өзбек улутундагылар 0,52%, ал эми калганын 17 этностун өкүлдөрү түзөт. Жаш курагы менен алганда 18 жаш жана андан жогоркулар 15909 адам, ал эми 58 жаш жана андан жогорку курактагы аялдар 1715 адам, эркектер 1294, алардын ичинде 63 жаш жана андан жогорку курактагы эркектер 803 адам.

Шаардын инфраструктурасы балдарга жана жаштарга ыңгайлуу болуп жакшы жакка өзгөрүүдө. Заманбап жабдылган 26 балдар аянтчасы, жаштар үчүн “Энергетик”, “Жаштык”, “Кеңеш” аллеялары бар. Балдар жана чоңдор үчүн ачык асман алдындагы спорттук-тренажерлор эки аймакта коюлду.Стадион, футбол аянттары, 2 спорткомплекс бар. Шаардын борборунан алыс жайгашкан Бекташ көчөсүндө жаңы спорткомплекс ачылган. Жалпы билим берүүчү 6 орто мектептин ичинен үч мектеп капиталдык ремонттон өттү. Быйылкы 2023-жылы №4 мектептин 2-корпусу курулуп жатат. Маданият үйү 600 орунга эсептелип курулган, шаардыктар үчүн маданий иш-чаралар өткөрүлүп турат. “Энергетик” эс алуу багы жана “Комсомол”, “Пионер” көлмөлөрү бар. Жайкысын катамаран тебүү, кышкысын коньки тебүү уюштурулат.

Жаштар кеңеши башка коомдук уюмдар менен кызматташып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен байланышып активдүү боло баштады. «Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар» долбооруна катышуу, жаштар арасындагы иш-чараларды жүргүзүүгө чыгармачылык атаандаштыкты күчөттү. “Кыздар күнү”, “Ыктыярчылар күнү” 2019-жылдан бери жыл сайын белгиленип, жакшы иштерди акысыз, ыктыярчы болуп жасоого өспүрүмдөрдүн кызыгуусун пайда кылды. Алардын иш-аракеттерине ыраазычылыктарды угушуп, мындан ары дагы жакшы иштерди жасоого шыктанышты. Жаштардын бийлик өкүлдөрү менен байланышы бар жана алардын сунуштары иш-пландарга киргизилип аткарылат. Жаштар кеңешинин активдүү мүчөлөрү, Жалал-Абад шаарында өткөн “Тынчтыкты курууда жаштардын жана ыктыярчылардын орду”жаштар форумуна активдүү катышып келишти. Аялдар кеңеши 2022-жылы “Коомдук алдын алуу борборлоруна жаңы дем берүү” долбоорун жазып, ага Интернешл Алерттун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Европа Биримдигинин каржылоосу менен грант ыйгарды. Жаштар арасында “Мен зомбулукка каршымын” темасында видеороликтер сынагы жана “Чырды сүйбөйт мен жашаган Кара-Көл” темасында театр форум жана мини тренингдер өтүп жаштардын чыгармачылыгы, зомбулукка каршы туруу активдүүлүктөрү күчөдү.

Балдардын билим алуусуна шарттар түзүлгөн. Ошону менен бирге эле көйгөйлөр дагы орун алган, аларды чечүү зарылдыгы турат.

Балдар бакчасы менен камтуу 39,2%, аны көбөйтүү зарыл. Ал маселени чечүү үчүн өз багытында иштебеген эки имаратты бошотуп, балдар бакчасын ачуу зарыл. Бүгүнкү күндө 3 бөлүгү

Салык кызматынын жана 1 бөлүгү прокуратуранын балансында турган бакчанын имаратын муниципалдык менчикке алуу маселеси турат. Себеби, мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүү боюнча Министрлер кабинетинин токтомунун негизинде чечиле турган маселе болгондуктан, ал маселени чечүүгө көмөк көрсөтүүнү сурап, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик агенттигине кат жолдонгон.

Ата-энелер балдарын орус класстарга окутууну каалайт, алардын талабы толук аткарылбай келет.Себеби окутуу орус тилинде болгон Фрунзе атындагы №3 мектептин долбоор боюнча кубаттуулугу 720 окуучулук орунга ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 1852 окуучу билим алууда. Орус класстарды көбөйткөнгө кабинеттер жана орус классына сабак бергенге мугалимдер жетишсиз. Андыктан башталгыч класстарга мектептин короосунда өзүнчө имарат куруу зарылдыгы турат.

Кара-Көл шаары энергетиктердин борбоуна айланды.“Электр станциялары” ачык акционердик коому Бишкек шаарынан Кара-Көл шаарына көчүп келди. Электр энергия кубаттуулуктарын өндүрүп жаткан ГЭСтер иштеп жаткан убакта, мугалимдерге, дарыгерлерге, кызмат көрсөтүүчү – жеке ишкерлерге, мамлекеттик кызматкерлерге дайыма жумуш болот. Андыктан, Энергетиктердин шаары – Кара-Көл шаарында көрсөтүлгөн маселелерди чечүү менен шаарыбыз балдар жана жаштар үчүн азыркыдан дагы ыңгайлуу шаар болот деп ишенебиз.



